ЮН

*Исабек Исаков*

# ӨМҮР САПАРЫ



ИСАБЕК ИСАКОВ

*

# ӨМҮР САПАРЫ

*ырлар*

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
Ф р у н з е · 1971

**Исаков Исабек.**

**И 85**

**Өмүр сапары.** Ырлар. Ф., «Кыргызстан», 1971. 108 бет. 5000 экз. 45 т.

Исабек Исаков бир нече китептин автору. Анын лирикалары элдик фольклордун булагына каныккан ыргактуу, элпек лирикалар. Ошондуктан автордун ырларына уккулуктуу обондор чыгарылып, эл арасында ырдалып жүрөт.

**Исаков Исабек.**

**Дорога жизни. (Стихи).**

**Киргиз.**

# ЛЕНИН — КҮНҮМ, ОКТЯБРЬ — БАКТЫМ

## МЕНИН КӨЧӨМ

Баарынан бакыт көргөн Ленин көчөм,
Толкундап ырдап өтөм, сыйлап өтөм.
Жалындайм, чексиз таалай мени курчап,
Жанымда бир жүргөнсүп улуу көсөм.

Ленин көчөм,
Менин көчөм,
Салтанат ырын алыс түпкүрлөргө,
Сайрады бутагында булбул нечен.

Баарынан ыйык көрөм, гүлдүү көрөм,
Сүттөн ак, сүйүүгө бай, сүрдүү көрөм.
Өзүңдө эмне жакшы жышаан болсо,
Өмүрдө артык баалап үлгү көрөм.
Ленин көчөм,
Менин көчөм,
Жыпар жыт аллейинде сергип басып,
Сен десем туулар жайнайт, сүйлөп көсөм.

Тажабайм нечен басам, дале келем,
Канбады сүйүү күчүм сага деген,
Мейли кыш каарын төгүп турса дагы,
Сенден мен жылуулукту ала берем...

Ленин көчөм,
Бакыт көчөм,
Ыр ойлоп күзгү жолдо бара жатсам,
Жанымда бир жүргөнсүйт улуу көсөм.

## ЛЕНИН СЫЙЫ

Кайгы черин айдап кайдагы,
Күлүп турса бөбөк жайдары.
Аталардын жүзү нурданып,
Алп күч болсо күндөн алганы,
Ленин сыйы деп билем,
Ленин сыры деп билем.
Менде, досум, жана сендеги,
Мекен ээси баатыр элдеги,
Көңүл күүсүн далай таңшытар,
Көк тиреген байлык жердеги,

Ленин сыйы деп билем,
Ленин сыры деп билем.

Жан досторум тынчтык жактаса,
Жат душманын жерге таптаса.
Адилеттик күнү жаркырап,
Асман, жерди бакыт каптаса,

Ленин сыйы деп билем,
Ленин сыры деп билем.

Кереметке дүйнө таң калып,
Илим туусу бийик шаңданып.
Өлбөстүктүн өмүр булагы,
Агып турса бүтпөс айланып,

Ленин сыйы деп билем,
Ленин сыры деп билем.

## БИЛИП КОЙГУН, ААЛАМ, ЖУРТ

Көз ачып дүйнөгө келдим мен,
Татыдым мөндүр суу, булактан.
Чоңоюп энекем-жеримден,
Жаштыгым жаз күүсүн бураткан...

Канчалык алыска барсам да,
Канчалык от болуп жансам да,
Чырпыктан чынарга айланып
Кучагым бутактай жайсам да,
Жер шарын ардактап энедей,
Колума көтөрүп алсам да,

Бир күн бар дем берер сеземин,
Ансыз мен ал-күч жок беземин.
Билемин,
Ал Ленин!
Кубатым!
Кес десе тоону да кесемин,
Кеч десе, океан, дайраны,
Кечемин, тереңден кечемин!

Ленинсиз турмуш жок, күнүм жок,
Ленинде өмүрдүн үрөнү,
Колумда алтын шам жарк этип,
Коштогон Ленин сүрөөмдү,
Билип кой аалам, журт, азыртан,
Максат төр, алыскы жылдыздар,
Ленин — деп эшигин түрөрдү!

## ОКЕАН, ТАБИГАТ БАШ ИЙДИ

I

Жазылбай Жер шардын капасы,
Көбөйүп жараты, жапасы.

Миллион жыл чын тилеп келсе да,
Бир келбей кудайдын батасы.
Күн нурун акыры жайнаткан,
Ленин — дүйнөнүн атасы!

* * *

Жылмайып бөбөктөр мээринен,
Таштар да, тоолор да эриген.
Жомоктоп урпактар өткөнүн,
Жолу бек, өрүшү кеңиген.

II

Күйүттүү адамзат жүрөгү,
Бороонго, муздарга түнөдү.
Канатын жетилтип кайрадан,
Кана, ким, дем берип сүрөдү?!
Бир гана Ленин дем берип,
Болду бек ааламдын тиреги!

* * *

Аскалар жарылып үнүнөн,
Азаптар арылып күнүнөн,
Океан, табийгат баш ийди,
Керемет, күчү мол дилинен.

## БАГЫНБАДЫМ

Өмүрдүн карай салсам өткөн жолун,
Элестейт балалык кез, күлкү оюн.
А бирок согуш деген бир суук сөз,
Сезимге кан дүргүтүп, тумчуктуруп,
Жаа октой жаралаган тула боюм.

Туш болуп өрт согушка балалыгым,
Кыскарган бал сүт оюн аралыгым,
А бирок аскар тоодой кайрат менен,
Тылда да эмгек деген ардак менен,
Как жардык кара нээттин кара кылын.

Анда да арка болуп улуу Ленин,
Ар күнү айтып турду акыл кебин.
Бак кыйрап, үйлөр эчен куласа да,
Уу чачып жырткыч сабы чубаса да
Баатыр эл коргой берди гүлгүн жерин.

Акыры жеңип чыктык согуш каарын,
Жүрөктө Ленин болуп намыс-арым.
Дем кылып, алп акылын, жеңиш күүсүн,
Дем кылып Ленинизм ыйык туусун,
Кастарга тизе бүгүп багынбадым.

## ӨСҮП ТУРАТ

Улуу атанын ар бир сөзүн укканда,
Бүт сезимдер спутниктей айланат,
Кыял оту даанышманга байланат.
Көсөм сүйлөп жанында,
Ойноп жүрөк канында,
Кайдагы бир каткан черин таралат.

Улуу көсөм дайым болсо оюнда,
Кырсык өчүп, кытмыр кетип жанындан,
Ээ-жаа бербес дайра сага багынган.
Кандуу кыян тосулуп,
Күчүнө күч кошулуп,
Жердин бети сулуулукту жамынган.

Жарк дегенде улуу Ленин элеси,
Тоолорум да жылдыз менен өбүшкөн,
Мурас кылып бар байлыгын төгүшкөн.
Азоо колго багынып,
Аска гүлүн жамынып,
Атом күчү алтын сузган деңизден.

Ленин деми, билек күчтө тургaнда,
Нурга бөлөйт жапай жаткан талааны,
Күн оронот элдеринин кабагы
Акыл берип жаныңда,
Ойноп жүрөк каныңда,
Өсүп турат өлбөстүктүн дарагы.

## КҮҮЛӨРҮН УГУП ЖАТАСЫҢ

Сен сезип дүйнө атасын,
Бапестүү балын татасың.
Күлүндө, бөбөк, Лениндин,
Күүлөрүн угуп жатасың.

Ой толкун кечип тереңин,
Оп тартып сага келемин.
Ойнотсо алтын бешигиң
Оюңда Ильич дегеним.

Бешикте күндө, төрүмдө
Көшүлүп уйку көлүндө.
Ойгонсоң жайнап көздөрүң,
Ойноктойт күн нур өңүндө.

Жетилсе, күчүң билекте,
Болорсуң жакшы тилекте,

Ырысын көрүп көсөмдүн,
Ысымы турат жүрөктө.

Бешикте бейпил жатсаң да,
Береке сүтүн татсаң да,
Оюңда Ленин деп билем.
Ой бүчүр жаңы таксаң да.

Сен сезип дүйнө атасын,
Бапестүү балын татасың.
Күлүңдө, бөбөк, Лениндин,
Күүлөрүн угуп жатасың.

## ТАИНСКИЙ БАГЫНДА

Иштен чыгып сейил куруп дайыма,
Ильич келген Таинский багына.
Ойлоп элдин тунук жашоо күндөрүн,
Көз чаптырган бышкан алма шагына.

Ал олтурган мобул бийик дөбөгө,
Айткан эчен алсыздарды жөлөөгө,
Мына бүгүн көөдөй туман жактарда,
Революция жаңы таалай төрөөдө.

Түндөр кетип, жылдар бакыт тогорун,
Билген Ильич, айткан: «түнгө жок орун...»
Сезди бекен ай, акылман ошондо,
Жер дүйнөгө өлбөс тирек болорун!

Сезсе дагы анын терең мүнөзү
Ойлоду го: «Биздин милдет бул өзү».

Миллиондогон ач күн, өмүр калк үчүн,
Миң эселеп артпадыбы күрөшү!

Атар таңдын, келер күндүн жарыгын,
Байкап Ильич арнап акыл арымын.
Кыялданып ушул бакта баратып,
Түзбөдүбү кылымдардын тарыхын.

Ал тарыхта өмүр, эрдик келечек,
Ал тарыхта учар канат жөнөсөк,
Ал тарыхта чын баатырдык, эркиндик,
Жер дүйнөнү тынчтык гүлгө бөлөсөк...

Кадам шилтеп баскан сайын илгери,
Ленин деген ойлор ташып дилдеги,
Уга калам гений ысмын даңктаган,
Толгон ырды, ар кыл дүйнө тилдеги.

Иштен чыгып сейил куруп дайыма,
Ильич келген Таинский багына.
Көрүп элдин бакыт-таалай — жыргалын,
Көз чаптырган бышкан алма шагына.

## ЧЫНДЫГЫН АЙТСАМ...

Басар жол өмүр кубатым,
Бакытка жетер кулачым,
Азаптуу болмок Ленинсиз,
Ай, достор, айтсам ырасын.

Ленин деп өмүр толкуну,
Ленин деп көңүл толкуду,

Эшигин түрбөс жактарга,
Ленинсиз кыйын кол сунуу.

Мейли мен кайда барбайын,
Мейли мен күнду жандайын.
Алдымда Ильич жаркылдап,
Акылы эсте ар дайым.

Аралап далай кылымды,
Аралап бассам чыйырды.
Адашып кетем Ленинсиз,
Ай, тууган, айтсам чынымды.

Кучактап кыргыз тууларын,
Кыйындык көлүн буугамын.
Мында да Ленин дем берип,
Миңдеген досум, тууганым...

## БҮТ ДҮЙНӨГӨ ТӨКТҮ БАКЫТ БЕРМЕТИН

Александр асылганда даргага,
Ала булут каптап тигил батыштан.
Көнүп эне тагдыр салган аргага,
Көз жаш төгүп сансыз ойго чатышкан.

Кээде зыр деп ак сүт берген эмчеги,
Ойлой калат анын кыял, элесин,
Анда келип Владимир: — койчу эми,
Ыйлаба деп, айланчыктайт энесин.

Тоодой салмак үй-бүлөдө кайгы көп,
Кыжыр кайнап ачуу турмуш даамына,

Эне кантсин: «болду, боё канды!» — деп,
Наалат айтат Ак падыша каарына.

Владимир ойго салып агасын,
Тула бойдо кайнайт ташып кек каны,
Мыкчып эне журөктө от жарасын,
Үнү каргыл алсыз кыймыл басканы.

Түркүн оюн, салчу кээде дүрбөлөң,
Володя уюп калган акылга,
Көз карашы эзел ойго кирбеген —
Аралашат эркин турмуш закымга.

Көз алдына ал баштаган туу келет,
Эрк вулканы жер силкинтип кайрадан,
Чагылгандай күрөштөргө күү демеп,
Көл, деңиздер, океандар кайнаган.

Туткун чынжыр, далай азап, ачкалык,
Өтүп жатты тизмектелип дарга да.
Бирок мына, бүтөр күнү аз калып,
Чындык жеңет, күн оронуп айлана.

Владимир ойдун минип канатын,
Энесине айтаар сөзүн табат да,
Салса бир аз эрке мүнөз адатын,
Чолпон ойноп, турду жазы кабакта.

...«Александр тандап алган жол кыйын,
Жок, апаке, биз ал жолдо барбайбыз».
Деген сөзү, татып ойго миң кылым,
Эсте дайым жазда, күздө, жайда, кыш.

Аккан кандан кызыл нурлар төгүлдү,
Александр өрткө айланып күрөшү.
Билбей адам туткун азап чегүүнү,
Бул дүйнөдө Ленин болду — Күн өзү!

Ильич жолу нурга болоп жер бетин,
Багын ачты баласы өлгөн эненин.
Бүт ааламга төгүп бакыт берметин,
Ошол жолдо мен да эргип келемин.

## ОКТЯБРЬ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Октябрым — эмгек изим, өмүрүм,
Жаркын турмуш, жарык жашоо көңүлүм.
Эргип жүрөк, кереметтер жаралар —
Эрдиги мол эшик ачкан төрүңдүн.

Береке бай, берген сыйың элдеги,
Ал эрдик күч — ардак жеңиш сендеги.
Азыр дагы атыңды айтсам ыр кылып,
Күн жылмаят, гүлдөр жайнап жердеги!

Күрөш мизиң курчуп күндө от болуп,
Жат душманга жаап турдуң ок болуп,
Дүйнө элине достук колуң булгалап,
Достук күчтөр сага келди топтолуп.

Азат шамың алгач жанып Лениңден,
Азат тууңа аалам чексиз берилген.
Дүйнө кыйрын ысмың чулгап баратат,
Ашып бүгүн алтын мекен—чебиңден.

Октябрым — кубат күчүм, өмүрүм,
Жаркын турмуш жарык жашоо көңүлүм,
Эргип жүрөк, жаштык кайра жаралар—
Эрдиги мол эшик ачкан төрүңдүн.

# ТЫНЧТЫК СЕРЕСИНЕ

## ГҮЛДӨР... ГҮЛДӨР...

Талаалар көрктөнүп сен менен,
Шаарымдын шаттыгы сен белең.
Жыпарын миң искеп кайрадан,
Жытыңа, сүйүүгө термелем.

* * *

Көзүмө сан түркүн кубулуп,
Өзүңдө өчпөгөн сулуулук.
Жайнаган өмүрлөр, көп гүлдөр,
Кетпесин шамалга жулунуп.

Өзүңдө жигиттин жүрөгү,
Өзүңдө максаты, күдөрү.
Бакыты балбылдайт сен барда,
Байкалып жакшы өмүр сүрөрү.

Назиктик жүзүңдө сүртүлүү,
Кучактап кубанчты, күлкүнү,
Жарына баш кошсо жаш жигит,
Жалындап өчпөдүң күн-түнү.

Толкундар өзүңдө топтолуу,
Балбылдап кызыл гүл чокторy.
Адамдар тартуулап сый үчүн,
Өчпөсүн өмүрдүн оттору.

## НӨШӨР ЖӨНҮНДӨ САПТАР

### 1. Кербен жүгүн тартамын

Асман жактан кылыч ойноп баятан,
Булут ыйлап, нөшөр төктү карасаң.
Жаз белгиси чертип добул күүлөрүн,
Таштайт тоого акактардын түрмөгүн.

Нөшөр-нөшөр,
Сенден нени байкадым.
Мөмө-жемиш,
Жибек кийген байпагым.
Тазалыкка
Көңүл толкуп, күч эргип
Максаттарга
Кербен жүгүн тартамын...

### 2. Алгач мага ык салып...

Нөшөр-нөшөр,
Таркабастай кумарың,
Таш уратып
Өркөчтөндү булагым.
Коркуп сенден
Алгач мага ык салып,
Кучагыма кире калды ынагым.

### 3. Тоо тиреген даным бар

Ай, нөшөр ай!
Жигит менен турган кезде эзиле,
Кыз көйнөгүн чаптап алма төшүнө.
Мончок төгүп жүзүн улам чайкадың,
Сүрөт таштап көздөрүнөн көзүмө.

Ай, нөшөр ай!
Ичиркентип турса да жел илебиң,
Бирок сенде таш эритер жалын бар.
Бакыт чайып ак эмгектен ирецим,
Батпас байлык тоо тиреген даным бар.

**4. Өрнөк болуп өтсөм дейм**

Нөшөр, нөшөр, көз ачырбай
Ташта турат таккан жашыл желегиң.
Өмүргө дос жерде сайма—белегиң,
Көңүл сергип сенин жыпар таңында,
Ата журтта артты сүйүү демөөрүм.

Нөшөр, нөшөр, долулансаң,
Тазалыкка батып кыял көңүлүм.
Так өзүңдөй жер гүлдөтүп турмушта,
Өтсө деймин өрнөк болуп өмүрүм.

**Чабалекей жана мен**

**I**

Чабалекей учат алыс,
Канаттары болуп дилдирек,
Эмгек бактысы—жүрөгүндө намыс,
Аны адамга айкын билдирет.
Тиштеп келет жанын сабап
Бирден тал чөптү же тыбытты.
Уя жасайт, мээнеттүү жашайт,
Болбосо деп бороон булутту.
Жанын үрөп,

Тумшук бүлөп,
Чебелектеп куруп жатат,
Өз мекенин сулуу, туруктуу.

* * *

Болсун деп бекем уясы,
(Келечегин ойлойт кыясы)
Болсун деп жылуу, ыңгайлуу
Аралаштырат кум менен ылайды.
Жумшактыгын самап,
Жыйнап жүн-жүбүрдү
Ыргытат алыс катуу куурайды.

Балапандайт анда, ойнотот балдарын,
(Жан жүрөгү ардагын)
Үйрөтөт учуруп
Ак ниеттүү эмгекке,
Жарык турмуштун
Жакшылыгын көрмөккө.

II

Мен да учуп кээде алыс,
Сулуулайын деп мекенимди,
Издей берем күндөй мээримди,
Жылуулайын деп мекенимди.
Турмушта болот эмеспи бороон,
Андан сактанууга курулган
    Бекем чебим,
    Бекем короом.
Жылан кирбесин деп алтын уяма.
Анын дубалдары
    Асыл таштар,

Темир бетон курама.
Чабалекей сыяктуу,
Мейкиндерге канат таштадым.
Элим менен
Шаар, үйлөрдү куруп,
Сансыз жылдыз чырак асканым.

Ошентип Ата-Журтум,
Бир сен үчүн,
                    Элим үчүн,
Жаз келбетин бооруңа,
Чексиз кылып тагамын.
Үйүн курган, Мекен курган,
Канат сабап, чебин курган,
Чабалекейиңдей күйүп жанамын!

## АК КАЙЫҢГА

Унут, кайың, согуш өртүн түбөлүк,
Жоокер өлгөн сага жардай сүйөнүп.
Унут ыйды, асман тире, көкөлө,
Жүрөктөрдө күйүт эмес, гүл өнүп.

Ырдап сени дагы айтайын дегеним,
Таркабасын талаа көркү-белегиң.
Атың жаркып ардак болуп ар кимге,
Тийип турсун тынч өмүргө керегиң.

## ЖАЗДАЙ ГҮЛДӨП КЕЛЕБИЗ

Неге мынча өмүрдө,
Жазды жакшы көрөбүз.

Себеби, жаз көңүлгө,
Эмгек ырын тартуулап
Толкун сепкен ченегис.
Ошон үчүн саймалап,
Жаздын көркүн беребиз.

Неге мынча өмүрдө,
Жазды сулуу көрөбүз.
Себеби, жаз өмүргө,
Кымбат болуп ар күнү,
Жыпар төккөн ченегис.
Ошон үчүн шат жашап
Жаздай гүлдөп келебиз.

## ЖООКЕР АГАЙЫМ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Мадыра баш балгын кез элек,
Мектеп жолун жаңы аттаган.
Бал сезимдер ууз эселек,
Агай сөзүн далай жаттаган.

Кайрат алып учар канатка,
Билген кезде окуу, тамганы.
Агай кетти батыш тарапка,
Алоолонуп согуш майданы.
Өрт аралап талаа гүлдөрүн,
Сапырылды жердин каймагы.

Түшкө кирип агай элеси,
Жүрөктөрдү сагынч каптады.
Акыл болуп айткан кеңеши,
Ай, жылдарды далай аттады.

Тынч күндөргө өмүрдү алмашып,
Жоокер агай жоодон кайтпады.

Эмгек менен шактай береги,
Адам болгун, өскүн дегени,
Сезимдерде уюп мөмөлөп,
Өстү чырпык, эккен тереги.
Агайыма алгач окуткан,
Милдеттүүмүн, мына, мен эми.

...Кире калсам агай үйүнө,
Сүрөт турат, төрдө, тигине.
Ордендери төштө жайнаган.
Ой булагы оргуп кайнаган
Сүйүү ташып жүрөк, дилинде.

Барган сайын ошол сүрөттөн,
Пайда болуп өчпөс күлүндөө.
Кылымдардын күүсүн жаңыртып
Баатырдыкка элин үйрөткөн.
Бакыт жатат жоокер сүрүндө.

Бейкут болсун талаа гүлүң деп,
Бейкут болсун бала күнүң деп.
Жакшылыкка толуп жер бети,
Жараланбай жашыл келбети,
Жаркып турсун айлуу түнүм деп.

Жексен кылып жоонун далайын,
Жанын кыйган ошол агайым.
Коргоп жарын, мекен, балдарын,
Өлбөс кылган өмүр таңдарын.

Чыгып алыс максат сапарга,
Келет мына биздин катарда.
Армиянын өлбөс шумкары,
Агайым сен турмуш күн таңы,
Баатыр болуп кетип атагың,
Өлсөң дагы өлбөс жашадың,
Кана эмесе, дагы бас алга!

## ӨМҮР КҮҮСҮ

Жер алдынан кайнап чыккан дары суу,
Жез өң-дартын айдап чыккан дары суу.
Тартып колдон тамчысына киринсең,
Тапка келген жүрөктөрдүн кагышы.
Миң кайталап өмүр күүсүн черткенсийт,
Күмүштөнүп шыңгыр аккан дабышы.

## КЫЯЛ

Кыялдар көөдөндөрдө уюп жаткан,
Сезимге эзел өчпөс шамын жаккан.
Көрсөтүп келечектин белестерин,
Көңүлдө баатырдыктын таңы аткан.
Кыял-кыял!
Чындыктардын улуу мектеби,
Көп жомоктор адам таң калган,
Ашып жатат, ишке эстеби!
Кыял-кыял!
Өмүр сүрсөм дайым сен менен,
Эргип денем жашоо турмушта,
Жолум жарык, толкуп шерденем.
Кыялсыз бир мүнөт да туралбаймын,
Анда мен турмуш күүсүн угалбаймын.

Кыялсыз, өчүп жашоо, кейиш, арман,
Өрт жанды тирүү өлүккө кыялбаймын.
Кыял-кыял!
Бала кездин ээлеп барагын,
Алды жакта жаркын үмүткө,
Жетсем ээ, деп далай самадым.
Кыял-кыял!
Канатыңа минип жарыштым,
Кайратыма келип чыңалып,
Көксөгөндү күндөн табыштым.

## КҮТҮП ТУРАТ

Жолду бербей жоболоңдуу өлүмгө,
Жол салайын жомок толгон өмүргө.
Кел деп мени колун булгап ар ишке,
Кереметтер күтүп турат жеримде.

Жолду бербей айсыз каран түндөргө,
Жол салайын эртеңки үмүт, күндөргө.
Алп баатырдык күтүп турат мына деп,
Алдыдагы айдың максат күндөрдө.

Каргыш айтып кандуу согуш ыйларга,
Күү чертейин күрөш, эрдик, сыйларга.
Күтүп турат үлпөт ырлар, жаштыктар,
Бизди тосор бийик максат жылдарда.

## ЧАГЫЛГАН ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОР

### 1. Булак болуп агылган

Күн күркүрөп,
Чартылдаса чагылган,

Сезимиме
Комуз кылдар тагылган.
Булут тарап
көө сыйпаган көктөгү,
Буккан сырым
Булак болуп агылган.

**2. Өчпөсө экен жаштыгым**

Чагылгандан турса деле канча ары,
Аяйм тигил кырда турган арчаны.
Күйбөсө деп гүл бутагы жалынга,
Кечтим ойдун көл, дайрасын канчаны.

Кээде тийип ашуулардын жонуна,
Кээде түшүп океан — жаштык жолуна.
Кейитпечи сезим изин, жүрөктү,
Таштап бийик махабаттын чогуна.

Уюп калган жаз боёгу, жаз наары.
Өрттөбөчү жашыл желек асканы.
Өрттөбөчү жүлүнүмдү, канымды,
Жаштыгымдын өчпөй акак таштары.

**3. Сенден күчтүү...**

Ай, чагылган, нөшөр төгөр таңдагы,
Өзүң болдуң оттуу кездин ардагы.
Чарт деп улам жаркысаң да тир укмуш,
Сенден күчтүү ак сүйүүнүн салмагы.

**4. Мендеги тилек**

Чагылган деп,
Караганча жарыгың,

Карегимде
Калат учкул арымың.
Мен да сендей
Тездик менен дүйнөгө
Жаратсам дейм,
Өлбөс өмүр арымын.

* * *

Чагылган деп,
Караганча жарыгың,
Булут чертип
Жаңы күүсүн, жаңы ырын
Менде сендей
Күчүм болуп керемет,
Өчүп калбай тез эле
Жер шарына
Тийип турса жарыгым.

## 5. Куйкаласа

Тоо чокулар оттуу жибин артуулап
Чагылгандын изи көзгө тартылат.
Бар аймакка сүт нур жанып заматта,
Талаа күлөт, талаа оронуп халатка.
Тоо гүлдөрү жарк деп түшүп сүрөткө
Тоо чокуда күмүш нурлар агат да...

Ошондо мен дагы муну ойлоном,
Түндөр өчүп адамзатты кордогон.
Куйкаласа чагылгандын жарыгы,
Согуш өрт деп кара желек көтөргөн,
Кара ниетти — жыландарды сойлогон.

## КҮЛҮП ТУРДУ АСМАНЫМ

Жүрөгүм туу!
Кыйындыкта күчүн далай сынаган,
Мекенимдин эмгек ишин эрдик менен улаган.
Бар майданда майышпаган, жеңе билген жетилип,
Бакыт кушу учуп турган алтын бешик уядан.
Кубат берген ошол туумду,
Бийигине асканын
Тигип койсом желбиретип,
Күлүп турду асманым...

Жүрөгүм туу!
Жыйнап далай ташкындарын күчүмүн,
Тоскоол бузуп, таалай издеп таптым турмуш үзүрүн,
Сапар чегип элим менен максаттарга баратсам,
Жайнап турду жаз илебим, гүлүн төктү бүчүрүм.
Эмгек күндө алган туумду,
Бийигине асканын
Тигип койсом желбиретип,
Күлдү, күнүм, асманым!

Жүрөгүм туу!
Нурга бөлөп меридиана чыйырын,
Аралады алп дүйнөнүн булуң-бурчун, кыйырын.
Ленин сепкен үрөндөрдөн кубаттанып өмүрлөр,
Өлбөс даңкка бөлөп койду жашоо турмуш кылымын.
Өмүр жолдо алган туумду,
Бийигине асканын
Тигип койсом желбиретип,
Жайнап турду асманым.

Жүрөгүм туу!
Ар-намысым, акыл-күчүм, ынагым,

Майдан күндө майтарылбай бар мизимди чыңадым.
Сырдашымдай түбөлүктүү багыт берип жолдорго,
Балбылдады жер шарында бакыт берген чырагым.
Эрдик жолдо алган туумду,
Бийигине асканын.
Тигип койсом желбиретип
Күлүп турду асманым!

## КАЙЫГЫМ АЙДАДЫМ

Тууган жер сенин куштарың көрдүм,
Ойногон талаада,
Бала кез жүргөн кыштагым көрдүм,
Айланган калаага.

Чоңойдум, естүм, нан-тузуң таттым,
Мээриңе жылындым,
Күйөрүм ысык тууган жер бактым,
Жанысың ырымдын.

Тууган жер сенин тулпарың көрдүм,
Көздөрү жайнаган.
Асманың ачык гүл багың көрдүм,
Булбулуң сайраган.

Мен дагы өсүп так ушул аймакта,
Тамырлап жайнадым,
Турмуштан издеп өз энчим алмакка
Кайыгым айдадым.

# ЭМГЕК КАЙРЫКТАРЫ

## МАГА БЕРЧИ

Берчи мага жылуу сөз мээримин,
Үшүсөң от болуп жанайын,
Жибитип картайбас көңүлүң,
Жүрөктөн конушум табайын.

Берчи мага күчтөрдү керемет,
Бийикке жылдызды тагайын.
Кастардын ордосун тебелеп,
Кайнаган өчүмдү алайын.

Берчи мага өлбөстүн жамгырын,
Өнөйүн арчадай таш жарып,
Түндөргө жайнатты жарыгын,
Доорумда өлбөс күн башталып.

Берчи мага адамзат марттыгын,
Тоолорго үрөнүм себейин.
Билгизип пейлимдин актыгын,
Алгын деп алсызга берейин.

## МИЛДЕТТЕР КӨП

### I

Көрөгөчтүк өсүп жетилип,
Көрдүм десем эртеңки өмүр деңизин,
Кетирипмин далай чекилик,
Көргөнүмдөн көрөлек көп
Аздык кылып элге берер жемишим.

Көрүп-билип бойго сиңирер,
Алды жакта далай дыңдар, толгонуу.
Жанып оттой мекенимде,
Жалын чачсам өзгөлөргө
Жарык болмок адамзаттын жолдору.

### II

Акыл-күчүм ташып жетилип,
Аштым десем турмуш сыноо белдерин.
Кетирипмин далай чекилик,
Эң аз экен мен ойлосом,
Эмгек кылып элге пайда бергеним.

Жатат мына алды жакта,
Ак кар баскан кабат-кабат ашуулар,
Кана, эмесе, ашкын, чамда,
Күтүп турат аткарар деп,
Жигиттикке милдет таккан жазуулар.

## ТАЛААЛАР

Талаалар чексиз суналган,
Тамылжып түркүн гүл алган.
Жүгөндөп сени дыйкандар,

Жүздөгөн сырың билалган.
Талаа-талаа,
Береке үйдө жайнаган,
Бир өзүңдөн куралган.

Талаалар чексиз чалкыган,
Жаз, күздө жүзүң жаркыган.
Тамчылап сенде күмүш тер,
Таалайдын жүгү артылган.
Талаа-талаа,
Дасторконуң толуп дүйүмгө,
Көңүлүм магнит тартылган.

Талаалар турмуш кайнаган,
Булутту көктөн айдаган,
Төрүндө күлкү ойноктоп,
Төшүндө жылдыз жайнаган.
Талаа-талаа,
Күүлөр, ырлар эртеңи,
Кумарың эзел канбаган.

## ТАБИЙГАТТАН БИР ЭЛЕС

Күн нуру тоолорду аралап,
Көлкүлдөйт талаада алтыны.
Денеге күч берген жүрөктөй,
Жер эне жашоого чалкыды.

Чакырып эмгекке ар жанды,
Дүрт деди кыймылдын оттору.
Күн эңсеп тирдигип табийгат,
Түн парда заматта токтоду.

II

Ай нуру чабыттап алыстан,
Оронду күмүштү жер бети.
Сезимден дайраны агызган,
Жарк этти сулуунун келбети.

Бөлөндү киргил жок бакытка,
Күү таштап жан дүйнө кан тамыр.
Толкутту кыялды, жүрөктү,
Дүйнөнү жамгырдай каптап ыр.

## ЧАБЫТЫҢ МАКСАТСЫЗ ДЕГИЗБЕ

Төкчүдөй жамгырын, кыянын,
Булуттар тынымсыз агылды.
Закымдап канаттуу кыялым,
Көкөлөп күн нурдай чагылды.

Тамчыдан куралып дайралар,
Талпынат көк көлгө, деңизге.
Кыялым эмгек күү, төгүп өт,
Чабытың максатсыз дегизбе.

Ай чыгат шooласы төгүлөт,
Уяда үргүлөп ак куулар.
Кыялым эмгек күү, төгүп өт,
Мекендин байлыгын арттырар.

Береке, нан жыттуу айлана,
Күлкүнү аземдеп кошту күн,
Кыялым дүйнөнү арала,
Бекемдеп адамдын достугун.

## БАГБАНДЫН ЫРЫ

Тоюнуп суусунуна эрки менен,
Жүзүмүм күздө бышып мөлтүрөгөн.
Кезинде гүлүн төккөн өрүк, алма.
Суктантат миң ажайып көркү менен.
Багбандык-дабаным,
Бакыты талаанын,
Шак ийсе мөмөлөр,
Күн окшойт кабагым.

Кыз келет, жигит келет гүл багыма,
Магдырап махабаттын жыргалына.
Жаз жамгыр, жаз сайраны, жаз эмгеги,
Ыр, күүдөй сиңип калган кулагыма!
Багбандык-дабаным,
Бакыты талаанын.
Шак ийди нурданып,
Алма-өрүк, анарым.

Чалкытам эмгек тердин деңиздерин,
Тоо болуп, мөмө тоюм, жемиштерим,
Сырдашып багбан ишин бак ичинен,
Көрөмүн куштар ойноп тебишкенин.
Багбандык-дабаным,
Байлыгы талаанын,
Шак ийсе мөмөлөр,
Күн окшойт кабагым.

## КҮҮЛӨРҮҢ ЧЕРТ

Ай, курбум, азоону жүгөндөш,
Булаксыз чөлдөргө гүл өнбөс,
Эргүүнү жаратып заманым,
Эмгектин деми бар түгөнбөс.

Канатың чалгындан арыбас,
Кубатың тоолордой карыбас.
Ок өтпөс сүр менен душманга,
От болуп туулардай жалындаш.

Доорумдан милдет көп сага, маа,
Өмүрдүн толкунун арала.
Жарылды бакыттын бүчүрү,
Жайылып дасторкон талааңа,

Таш эрит эмгектин деминен
Тамчылайт таалайың териңен.
Көгөрткүн тоолорду эл айтса,
Көл ташып адамдык пейлиңен.

Чырпыктай өмүрлөр эркелүү,
Күч алып, бутактап эртеңи.
Кучагын кең жайды максаттар,
Курбалым, күүлөрүң черт эми!..

## КУРУЛУШЧУ КЫЗГА

Көптөн бери бир сулуу курулуштан,
Кирпич кынап, ак сүйүү ыр угузган.
Күлүң этип кол булгап нурун төксө,
Карай берем кайталап, бурулуштан.

Кайырмасы: Сенсиң бийик жаркыган,
Жаз үмүтүм, кыялым,
Сен деп алыс талпынам,
Жактырып жаш курагың.
Ойлоп кетем, чыныбы, тамашабы,
Алма жүздүү, Ай жүздүү караса аны.

Курган үйү бийиктеп барган сайын,
Кайнайт менде сүйүүнүн арашаны.
Сенсиң бийик жаркыган,
Жаз үмүтүм, кыялым.
Кайырмасы:
Сен деп бийик талпынам
Жактырып жаш курагың.

Кайда барсам караанын карай берем,
Түн уйкумду миң бөлүп санай берем.
Кыял, ишиң кубантып мени тартып.
Өмүрүмө бир келген таалай белең?
Сенсиң бийик жаркыган,
Жаз үмүтүм, кыялым.
Кайырмасы:
Сен деп бийик талпынам
Жактырып жаш курагың.

## ИЗДЕНҮҮ

Табылса лира мүрөгү,
Жүрөгүм анын күйөрү.
Суусунум берчи канаїын,
Изденүү болду ар айым,
Тынч албай сезим түнөгү.

Жетем деп бийик намыска,
Күүлөдүм канат алыска,
Жөнөдүм лира көлүнөн,
Жөнөкөй, бирок, бактылуу
Толкунум издеп табышка.

## БИР УУЧ ТОПУРАК

Тууган жер, сенин бир ууч топурагың,
Жыттасам көрөм дыйкан бермет терин.
Бийиктеп жашыл багың, мөмө шагың,
Билемин эне бешик терметкениң.

Тууган жер, сенин бир ууч топурагың,
Жыттасам көрөм сансыз байлыгымды.
Кыйры кең мекенимдин ойлоп камын,
Угамын: корго!— деген жардыгыңды.

Тууган жер, сенин бир ууч топурагың,
Жыттасам көрөм сансыз гүлдөрүңдү.
Кастарлап, жылдыз кармар чокуларың,
Эстеймин бийик жерде жүргөнүмдү.

Эстеймин балалыкты, курбалымды,
Эстеймин алтын шаар курганымды.
Көлкүлдөп жаштык кездин отторуна,
Эстеймин махабат гүл сунганымды.

Сүйүүсү сенде калган аталардын,
Күлкүсү сенде калган апалардын.
Жалыны жанып турат али дагы,
Кезинде бабам айткан баталардын.

Асылың ырдап алган сулуу жарга,
Эр өлгөн сени коргоп майдандарда.
Ула деп ата салтын билдиргениң,
Ыйык сөз—журттун туусун алгандарга.

Тууган жер сенин бир ууч топурагың,
Кадырлап каалаганым өстүрөмүн,

Жылыттың муздап турсам отуңа миң,
Дагы эле көркөмүңө көз түрөмүн.

Ал менин—сүйүүм өзүң жүгөндөгөн,
Ал менин—ырым сага түгөнбөгөн.
Жыттасам сенин бир ууч топурагың,
Жытыңа кумарланып жүрөм кенен.

Түгөнбөс байлыгың бар чалкы, мына,
Баш ием, тизе бүгөм артыгыңа.
Асыл жер, сенин бир ууч топурагың,
Алмашпайм башкалардын алтынына.

## АК ЖОЛ ИЗДӨӨ

Ак кар көрсөм адырлардан,
Актык артып арбып жолу сапар тартар изимдин,
Жүзүм сымак мөлтүр тартып,
Күз илеби жайнап турат, мен бүтүргөн ишимдин.
Жүрөгүмдөн кайнап чыгып,
Кир жукпаган мөлтүрөгөн тазалык,
Ачык асман Күн алдында,
Жайнайт алыс, жарык нуру жүзүмдүн.

Аккуу көрсөм айылымдан
Алдас уруп ардак, кылар гүл өмүрдүн кайыгын,
Көргүм келет назик тарткан
Актык иштин аалам сүйөөр ойноок отун жалынын.
Темгил кылбай бирөөлөрдүн
Кирсиз таза ак сүт жолун, өрүшүн.
Өткүм келет турмуш жолдо,
Таза болуп, даамы, тузу ичээр суум, нанымдын.

Арча көрсөм, жашыл тарткан
Кышта, жайда өңү өчпөгөн жасанган.
Көрө калам өмүрлөрдү
Эмгек менен арман кылбай жашарган.
Жол ачылып бийиктикке
Асман жайып өз уулуна чексиз мээрим кучагын,
Жаз жамгырын көнөктөтөр
Көрөм учкан булуттарды аппак болуп тазарган.

Булак, көрсөм тоо ичинен,
Байкайм даана келечекки багытымдын элесин,
Ашкым келет алдыдагы
Адамдыктын асман тирер, бийик тоосун, белесин.
Турмуштагы тазалыкка
Бүт чөмүлүп, бүт чырмалып жан жүрөгүм, сезимим,
Тарткым келет тээ алыска
Бала күндөн көздөп келген максатымдын жебесин.

Ак кар көрсөм адырлардан
Актык артып, арбып жолу сапар тартар изимдин,
Күз илеби жайнап турат, мен бүтүргөн ишимдин.
Жүрөгүмдөн кайнап чыгып
Кир жукпаган мөлтүрөгөн тазалык,
Ачык асман, күн алдында
Жайнаса дейм жарык нуру жүзүмдүн.

## БООРУНДА ОТУҢ БОЛУП ДҮРҮЛДӨЙҮН

Тууган жер, тузуң таттым бала күндөн,
Карызмын Айдан ачык, даана Күндөн.
Айтсам да тоо көтөрөр милдетимди,
Ал аз дейт сурай калсам алда кимден.

Көрдүм көп тоо дайрасын агызганын,
Көрдүм көп эмгек отун, дабыштарын.

Кеңдикти берип чексиз асманың да
Ойлосом арбып барат карыздарым.

Жүрбөйүн мекен кылып кай тарабың,
Тузуңду кантип актап кайтарамын,
Ушул сөз уюп терең жүрөгүмө,
Көбөйдү алыс сапар аттанарым.

Туз актаар бир милдетиң убай белем,
Мекенге не кылам деп сурай берем.
Анда айтат асман челген аскаларың,
Актайт деп ар намыска тууган энең.

Бетиңден ала булут сүрүлмөйүн,
Эмесе, Күнүң болуп күлүңдөйүн.
Болду уулум, ыраазымын демейинче,
Бооруңда отуң болуп дүрүлдөйүн.

## АЛА КЕЛДИМ

Жолго чыксам сүйгөн гүлүм,
Жаркыгандай тийген күнүм.
Кош деп мага колуң берип,
Чыкты мындай назик үнүң:

«Жеңил барып оор келгин,
Жегениңден ала келгин»...
Аткарылып айткан оюң,
Айыл даамын ала келдим.

Айтпа ошондо сүйүнгөнүң,
Жайып тамак дүйүмдөрүн.
Бирок жаным байкабадың,
Менин кандай сүйүнгөнүм.

Менде ал кубанч—ырлар эле,
Акын күтөр көп мөмөсү.
Анда айыл күү сырлар эле,
Алп эмгекчи эр элеси.

Ошондуктан оор келдим,
Жегенимден ала келдим.
Аткарылып айткан оюң,
Айыл ырын ала келдим!

## АРТЫП ТУРАТ САГЫНУУЛАР

Кочкор-суу мага кымбат бала күндөн,
Күргүчтөп күндөн алган жалыны бар.
Бубактап булут болуп чыккан буусу,
Ар кимде артып турат сагынуулар.

Жан үрөп самап барсам сүйчү мени,
Ырахат шыбыраган түнкү жели,
Шоокуму чалып бийик симфония,
Үнүндө кыз-келиндин күлкүлөрү.

Тоо койну толгон күмүш мактанычым,
Көл кылдың Орто-Токой сактагычын.
Өзөнүн кенен Чүйдүн жаңыртышып,
Бактылуу алыс сапар аттанышың.

Бал тамчың байкап калдым күз күнүндөн,
Бак көрдүм, тынчтык көрдүм түшүмүңөн.
Кандырып казак жерин араладың,
Мөлт этип, өзбек кыздын жүзүмүнөн.

Кочкор-суу—самап тамчың баргым келсе,
Баладай ыргып чөмүп эркелерим.

Сырдашып дыйкан келсе, дилин берсе,
Эл сүйгөн эмгек күүсүн черте бергин.

Токоюң толгой тартып тоо ыргагын,
Береке кызыл батпай тоо кырманың.
Жериме көркүң бердиң, толкун бердиң,
Дагы эле келет сүйүп, сени ырдагым.

Кочкор-суу—мага кымбат бала күндөн,
Күргүчтөп күндөн алган жалыны бар.
Бубактап булут болуп чыккан буусу,
Ар кимде артып турат сагынуулар.

## ДЕМДЕНЕ ТҮШӨМ

Күрүлдөп суунун дабышы,
Күкүктүн келген намысы.
Торгой да көктөн сабалап,
Сезимди кубанч аралап,
Толкундуу канат кагышы,

Токоюм жашыл ыраңы
Тоо жели жандын ынагы.
Торкосун төшөп тууган жер,
Торолтком ушу сени деп,
Тоо уулун беттен сылады.

Секиден көрсөм алысты,
Сезимден күүнү агызды.
Ырыска шерик, талаалар,
Дасторкон даны төгүлүп,
Ыр балын мага тамызды.

Ошол ыр элге дем берип,
Ошол ыр күүдө термелип,
Канатташ болсо эмгекке,
Кайратым күчөп замандаш,
Каламын мен да демденип.

# ӨМҮР САПАРЫ

## ДОСУМ ЫРЫМ

Досум ырым, дайым болуп дыйкан жанында,
Ойноп тургун жүрөк канында.
Сулууларга сүйүү күч берип,
Өргө коштоп курбуларды, өчпөс оттой жалында!
Сенин сыйың ошондо.

Досум ырым, жаңы чыйыр, жаңы нук менен,
Дайра болуп бийик ташкында,
Жумушчуга кайрат дем берип,
Жаңыра бер эмгек толгон Кызыл Туунун астында!
Сенин бактың ошондо.

Досум ырым, ырыс багым, жашар күнүм түбөлүк,
Ардак кылам дайым жарымдай.
Турмуш жолдо канат сабала,
Кылымдардын койнун арала,
Бийик болуп жалдуу агымдай.
Сенин күчүң ошондо!

## ЖАРЫК БОЛСО ЭКЕН

Укканда жүрөгүмдүн түрсүлдөрүн,
Жаткансыйм мекениме эсеп берип.
Кыярды буудай сымак жүзүм менин,
Мекенге бергеним аз эсептелип.

О, чиркин! Өмүр кайда, аккан дайра,
Мекенге берерим бар кайгырбайын.
Жүрөктү тыңшаарым чын кайра-кайра,
Журтумдун бар талабын кандырмайын.

Укканда жүрөгүмдүн түрсүлдөрүн,
Жаткансыйм журтум сага эсеп берип.
Элиме жүзүм жарык болор бекен,
Мекенге бергеним мол эсептелип.

## ӨМҮР САПАРЫ

Өтөр жолун, басар жолун жаңылап,
Өмүр дайра өмүр суудай агылат.
Бирде тынып, бирде толкуп көбүрүп,
Өчпөс оту күн нур болуп жагылат.

Анда эмесе жыргалынан алайын,
Түндөр болсо Күн нур болуп жанайын.
Күчүм канча, үнүм канча турмушта,
Гүлүн күтүп, күү, ырына канайын.

Өмүр жолдун улам алдын карасам,
Кызык болуп толкунунда баратам.
Тээ алыстан Жылдыз кармап алчудай,
Неге мынча жарык күндү жаратам!

Себеби бар; кызык, таттуу күндөрүм,
Күүсүн чалып, бал турмуштун күндө миң.
Замана да, жаштыгым да жактырат,
Сезимдерде келечек иш жүргөнүн.

Кеткен сайын мүнөт учуп арадан,
Келип жатат керемет күч самаган.

Келбесе дейм ушул таза өмүрдө,
Кекчил болуп акка кара санаган.

Болбосо дейм келин, кыздын ыйлары,
Оңбосо дейм жашыл арча кырдагы.
Күйбөсө дейм гүлдүү талаа, булбул куш,
Күлкү күтүп күндөр, айы, жылдары.

Күйүт баспай жүрөктөрдү, энени,
Күчү ташсын чырпык бөбөк береги.
Айланайын уул, кызым ушул деп,
Артып турсун ата-мекен кереги.

Өмүрлөргө миң ыраазы жүрөктөр,
Максатка бай учса уядан түлөктөр,
Көркүн берип биздин достук замандын,
Көп болсунчу, баатыр жигит, чүрөктөр.

Биз айтабыз бул өмүрдү бактылуу,
(Оңой эмес, кыял жүгүн ат кылуу)
Турмуш агым агымынан ашып биз,
Алып улам ачууну эмес, таттууну.

Алып дагы ак сүт эмгек каймагын,
Ичте болбой ишке болгон арманың.
Жамгыр мөлт деп келген сайын жаз күнү,
Максат боосун дагы бекем кармагын.

Ооба, мына, өмүр таңын кайталап,
Мага, сага милдет жүгүн айталат.
Анда эмесе ардак кылып ошону,
Кана досум, көтөрөлү аркалап.

Өтөр жолун, басар жолун жаңылап,
Өмүр дайра өмүр суудай агылат.

Бирде тынып, бирде толкуп көбүрүп,
Өчпөс оту Күн нур болуп жагылат.

Анда эмесе жыргалынан алайын,
Гүндөр болсо күн нур болуп жанайын.
Күчүм канча, үнүм канча турмушта,
Гүлүн күтүп, күү, ырына канайын.

## ОЛБОС ОМҮР ҮРОНДОРҮН СЕБЕЙИН

Ай, мекеним, уулуң айтат, чоң максатка жөнөйүн,
Алыш үчүн жеңиш сырын, баатырдыктын мөрөйүн.
Ач койнуңду, Ата журтум, эрк жылдызын кучакта,
Өлбөс өмүр үрөндөрүн, өзүңө арнап себейин.
Эрит десең, эзел кетпес кабат жаткан муздарды,
Эритейин, күн болоюн жалынымды төгөйүн!

## АДАМЗАТ САГА КАЙРЫЛАМ

### I

Силкинтип темир аяз дагы белен,
Кыш келет бороон алып каары менен.
Калч этет кышкы дарак шамал уруп,
Гүл талаа шаңы кетип зары белен.
Мейкин-аймак,
Түлөп тайлак
Кыш күүсү кылыч кармап келген белем.

### II

Турмушта ызгып шамал, ызгаар келер,
Курчанып кыш айындай муздан кемер.

Эриткин, эмгек жаккан отуң менен,
Жашоодо ойлоп көрсөк келбейт нелер.
Жаздын айын,
Жаса дайым,
Адамзат, акыл ашкан сен бир чебер.

## ЧЫНАР

*(Акын Жалил Садыковго)*

Бутагы миңдеп көрк төгүп,
Жылдызы көктөн өбүшкөн.
Кызгалдак гүлү кышта өнүп,
Ак куулар жазда көрүшкөн.

Термелип кээде шамалга,
Тереңден күүсүн бураган.
Мээримди тилеп адамга,
Үзүгүн бекем улаган.
Булакка канып шар аккан,
Булактай таза көңүлү.
Чынарга адам калат таң,
Булактай мөлт деп өмүрү.

Калыстык оту күн болуп,
Картаюу жоктой өңүндө.
Чертилгиң келет күү болуп,
Жер көркү чынар жөнүндө.

Ачылып барсам кабагым,
Келемин сергек табыма.
Жылуулук отун аламын,
Жыйылган жүрөк каныма.

Бийиктеп барат ак чынар,
Жашылдан ачып барагын.
Турмушту сүйүп барк кылар,
Туюнтуп оттой жанарын.

Табийгат ырын жаңыртып,
Тартуусу тоодо, тегизде.
Ал чынар ойду багынтып,
Арымын жайган өрүшкө.

## БОЛСОМ ДЕЙМ

Күмүштөп толкун ыргагы,
Өмүрдүн тилейт узагын.
Эркелеп көлгө мен дагы,
Энемдей жайдым кучагым.

Киринсем сүзүп балыктай,
Кыз дене мага урунуп
Төшөлдү толкун мамыктай,
Төгүлүп бүтпөс сулуулук.

Сүйөбү тып-тынч турууну,
Көл жатат тунук тазарып,
Көкүрөк дилге уюду,
Көлүмдөй сулуу тазалык.

Күн нуру андан бөлүнбөй,
Чубактайт көздөп кемени,
Болсом дейм тунук көлүмдөй,
Акылдын, ойдун тереңи.

## ЖАШТЫК

Көрдүң бекен мартен мештин жалынын,
Көрдүң бекен көп металлдын агымын.
Айтсак чынын анда жаштык илеби,
Аалам жаттап эмгек ырын, жаңы ырын.
Ай, комсомол, жаштыгым,
Намыс ойноп каныңда.
Бакыт үчүн, күн үчүн,
Баттың бийик жалынга.
Көрдүң бекен коргоп талаа, көктөмүн,
Жоо кыйратып, жоокер канын төккөнүн.
Айтсак чынын анда жаштык күүлөрү,
Даңазалап тарых жолун өткөнүн.
Ай, комсомол, жаштыгым,
Өлбөстөр көп сабыңда.
Дүйнө сырын ачкының,
Болуп күрөш табыңда!
Кереметпи өзүң эккен гүлүңдөн,
Өмүр жайнап, ажал качып түңүлгөн,
Балбан күчүң баян болуп дүйнөгө,
Байлык ташты, бакыт кетпей үйүңдөн.
Ай, комсомол, жаштыгым,
Ай нур агып шарыңда,
Эрдик жатат чалкыган,
Эртеңки өмүр таңында.

## БИР ЭЛЕС

Өттү жылдар, жигит кезим жаңырган,
Тоо аралап келдим өскөн журтума.
Балалыгым күлүп-жайнап алдыман,
Жоодурады кучак жайып гүл суна.

Көрүп келем корку сайма төрлөрдү,
Аска аралап, атам баскан өрлөрдү.
Көрүп келем кыздар сайдан суу алган,
Чыйырларды, элик качкан жерлерди.

Мобул аска атам болуп көрүнүп,
Мобул гүлдөн эне жыты төгүлүп,
Мээримдери беттен сүйсө, бала кез
Келе калды тентек суудай көбүрүп!

## ЖҮРӨГҮМӨ ТӨКТҮҢ СҮЙҮҮ ЖАЗДАРЫН

Ушул тоолор койну кенен, береке,
Жылдыз жанган чокулары нурданып,
Мен да бүгүн аралайын эмесе,
Мунарланган бийигине бир барып.

Мобул аска өзүнчө бир керемет,
Тула бойго көл ташкынын батырган
Күү, ырлары жаз мончогун себелеп,
Жүрөктөрдө терең сыры катылган.

Атам анда шумкар болуп канаты,
Апам анда жоогасындай буралган.
А береги жашыл жылга карачы,
Килем төшөп уч-кыйры жок суналган.

Оонап анда жаңы конуш балдары,
Кой таштарда ойноп эркин секирген.
Жайлоо күнү батпай кымыз, айраны,
Улуу тоодо улар учуп бекинген.

Карыялар акыл айтар бел болуп,
Кыз куумайда үзөнгүлөр кагышкан.

А берги «Айбалага» эл конуп,
Саяпкерлер далай жорго салышкан.

Бирок бир күн солк эттирип дүйнөнү,
Согуш чыгып күткөн үмүт буулду.
Селкилерде сүйүү жүрөк ачышкан,
Узатышып өрткө далай уулду.

Ошондо да кебелбестен тоолорум,
Кабак түйсө, кыйрап жоосу дүрбөдү.
Акыр мына баатыр жеңиш тойлорун,
Салтанаттап бүт дүйнөгө сүйлөдү.

Журтум — тоолор — жер шарынын бийиги.
Асыл заттуу алтын беле таштарың.
Күүгө бөлөп таза сезим-дилими,
Жүрөгүмө төктүң сүйүү жаздарын.

## АСЫЛЫМ ОЙДУ БУРАСЫҢ

Аземин алып жаш жандын,
Асылым, ойду бурасың.
Жылдызын сулуу асмандын,
Жылмайып мага сунасың.

Алтыным колдо бар туруп,
Берсе да миңин дилденин,
Сезимдин жиби тартылып,
Сен менен дайым биргемин.

Жүрөккө сүйүүң уялап,
Жүрөккө отуң тамыздың.
Балыгың күмүш кубалап,
Барчының болуп жарыштым.

Булбул куш сүйөт шагын көп,
Уктуңбу, жаным, жаз багым.
Болочок өмүр таңым деп,
Боюмду сага таштадым.

## ӨМҮРГӨ

Кыйын иштин кыйрын артып Күн болуп,
Ташты жарып, тамыр байлап гүл болуп,
Ата журттун кош канатын көтөргүн,
Арсыз жоого түшкөн кара түн болуп.
Баскан эмгек изиңден,
Бакыт мөмө тизилген.
Жеңгин кыйын кезеңди,
Жер ийилип күчүңдөн.
Аркырай бер, Ай үстүндө калкыгын,
Күчүң үрөп, Күн үстүндө чалкыгын.
Ата журт деп агып турсун айдыңда,
Жыйган байлык, сузган күмүш, алтының.
Болбой тирүү бир өлүк,
Өлбөс даңкка ширелип.
Өткөн өмүр бактылуу,
Чынар көккө тирелип.
Арзып улам өмүр сага айтарым —
Өлсөң дагы өлбөй алга тарт арым.
Артта калган ак эмгегиң бар болсо,
Билип койгун Мекен алкыш айтарын...
Албырат оту demиңдин,
Ачса көркүн жеримдин.
Ал Чолпону өчпөгөн,
Сен жашаган өмүрдүн.

## ЖАШТЫК ЖӨНҮНДӨ ТИЛЕК

Жаз келет жаштык алып жер бетине
Тоо эрип көктүн тамчы берметине.
Тамшантып талаа күүсүн тартты белем,
Миң жылдап сезим ыры артты белем,
Жаз күндүн сулуу кыздай келбетине.
Жаштык да өлбөс жашап эмгек менен,
Турмушта бакыт бешик термеп кенен—
Суктантып турса деймин келбетине.
Жаз келет жанып ысык жалындары,
Жарашып сайма жоолук салынганы.
Жер эне ийип кетип мээрим күчкө,
Кубантат жада калса аска таштын,
Жел ыргап жашыл желек тагынганы...
Жаштык да өчүп калбай өлбөс жашап,
Колунан Күндү жасап, Айды жасап —
Түбөлүк нур болсо деййм жамынганы.

## МЕЗГИЛ МАГА

Мезгил мага: милдет кылып айттыбы,
Күрөш менен сүрөп алга арткыны.
Бул турмушта учкун болуп жылт эткен
Берсем элге,
Күндү, гүлдү өмүрдү,
Берсем деймин азапты эмес, бактыны.

Заман мага: максат жүгүн арттыбы,
Иштейм аны сүттөй көңүл актыгы.
Анан мындай; байлык күрөп элиме
Берсем деймин
Эч көөнөрбөс өнөрдү,

Берсем деймин ачууну эмес, таттыны.

Бул максат-ой менде жана сенде бар,
Сезимдерге күүлөр уюп жаңырган.
Бул максат-ой эл гана эмес, жерде бар,
Жактап аны жарк дэй түшкөн чагылган.
Келсин ошол тилектер,
Колун булгап алыстан,
Түбөлүктүү күндөй күлүп алдыман.

## УБАДАМ

Өзөндө кирген суудай ашып-ташып,
Жаштыгым кайталанбас канат жазып.
Көл түбүн көтөрөйүн аңтар десең,
Үй куруп, шаар салайын нечен-нечен,
Эр жүрөк элим менен бирге басып.
Бар десең максаттардын бийигине,
Барайын бакыт менен аралашып,
Ушул менин убадам.

Өмүргө отун жагып, гүлүн тагып,
Жаштыгым жаздай келбес кайталанып.
Күч барда томкороюн тоону бузуп,
О, уулум, иш кылдың деп далай кызык.
Мезгилим сынап мени айтаары анык,
Эмесе эрдик күүсүн чертейинчи
Эмгекте канатымды таптап алып
Ушул менин убадам.

## ЖОЛ—ӨМҮРЛӨР

Ай, замандаш, жоктур достук ченеми,
Жолго чыккын даңгыраган береги.

Жол—турмушуң, жаз күндөрү жайнаган,
Жылдыздарга тийип жашыл тереги.
Жол—өмүрлөр
Үмүт, максат чектери
Сени алпарат, бийиктерге, бакытка,
Кызгалдактай
желбиреген желеги.

## МУГАЛИМ ЖӨНҮНДӨ ОДА

Көрсөм дагы тоонун тунук булагын,
Көрсөм дагы жаздын күлгүн убагын.
Сезимимде булак, жаз, күн сен болуп,
Жүрөгүмдө тиккен кызыл туууларың.

Көз алдымда кыроо чачың, басканың,
Кыял-жорук, шашпай сулуу жазганың.
Мен балапан канат жайсам алыска,
Өзүң болдуң кең жол, учаар асманым.

Көз алдымда сылап маңдай, күлгөнүң,
Бүчүр жарып, сепкен үрөн гүлдөрүң.
«Алиппеңдин» алгач бетин ачып мен,
Али эсимде «А»ны жаттап билгеним.

Бир өзүңдө бүтпөс дүйнө барчылап,
Карaар элем кыял күүсүн камчылап,
Акылдуу бол, ардактуу бол дегениң,
Сезимимде күйүп турган шам чырак.

Жан шооласың жаркып чыккан булуттан,
Көл, дайрасың көлкүп чыккан туюктан.
Жакынымсың, ардагымсың унутпас,
Жүрөгүмө тарбияны уюткан.

Көрсөм дагы энекемдин мээримин,
Көрсөм дагы далай өмүр шеригин,
Бирок али көз алдымдан кетелек,
Билим берип жакшы көргөн мээримиң.

## ПУШКИНДИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу акын,
Ар кимге атың жакын, дилиң жакын.
Жер шарда бийик ысмың кайталанып,
Канаттуу, жүрөккө дем, ырың закым.

Көргөндө заңгыраган эстелигиң,
Тил бүтүп айттың күлүп: «Эсте, иним,
Бул күндү көрбөсөм да ырым жашап,
Келатам улуу көчтөн калбай кийин».

Ай, Пушкин, сөздүн далай гүлүн терип,
Лиранын деңизинде канат керип.
Чын эле алп кемедей келатасың,
Жээкке көз уялткан бермет төгүп.

Өзөктөш өзүң айткан ырың ардак,
Окуштү орус, финдер, тунгус, калмак.
Ойлосок эркин басып, эркин жүрөт,
Онегин кызын сүйүп, кызын жандап.

Уюлгуп, тармалданып сенин чачың,
Бергенсийт бул дүйнөдө ырдын жазын.
Шляпаң колуңа алып ойлуу турбай,
Ай, Пушкин, көрсөт жүзүң, көтөр башың!

Лиранын падышасы, чебер уста,
Аттиң ай өмүр, жашың неге кыска.
Антсе да эстелигиң асман тиреп,
Жүрөгүң Ала-Тоодо, арабызда.

## АЯЛ

Аял ардак турмушуңдун жарыгы,
Аял урмат жүрөгүңдүн жарымы.
Кабагыңа кар төгүлсө кай бирде,
Кайгыңды айдап кайрат кошкон жалыны.
Аял тагдыр,
Аял көңүл гүлдөрү
Аял сыйың — эрдикке үрө жаныңды.

Эркектерде кээде мындай «усталык»,
Жаш жубайын болбос жерден кызганып.
Күлүп койдуң, сүйүп койдуң аны деп,
Сезимине уу тийгизип из салып.
Кордобочу бакыт күнүң — аялды
Кордобочу бакыт гүлүң — балаңды.

Биз эркектер «биз» деп төштү керебиз,
Эркек сынын апыртабыз ченегис
Аялдар деп аялдарга сын тагып,
Ар кыл ишин аярлабай келебиз.
Ай, досторум, билсең мына замандаш,
Аял ардак, аял өмүр—энебиз!

## КӨЗДӨГҮН МАКСАТ ТҮПКҮРҮН

*(Иним Манас Кулубековго)*

Эңсөөлөр сапарга шашылат,
Кол булгап эрдикти күтчү күн.

Көзүңдөн отторуң чачырап,
Көздөгүн максаттын түпкүрүн.

Келечек өмүрдүн жарыгы,
Төгүлөт дүйнөгө, алыска.
Эңсөөнүн закымдайт арымы,
Курчалып кайнаган намыска.

Эңсөөлөр нурданып манаттай,
Элирет бүтпөгөн жолунда,
Мөмөлөп жыт бурар даректай
Мөлтүр иш, маралар оюңда?!

Коркунуч, кайгылар сүрүлөр,
Жүрөгүң эрдикке таламдаш.
Максатка баш ийип жүгүнөр,
Кызыктар алдыда, замандаш.

Эңсөөлөр сапарда шашылат,
Кол булгап толкунду күтчү күн,
Көзүңдөн отторуң чачырап,
Көздөгүн максаттын түпкүрүн.

## ӨМҮРҮНДӨ БИРИНЧИ

Терезеден Айдын нуру аймалап,
Терек жактан калдак этип жарганат.
Бүт үй-бүлө таттуу уйкуда мемиреп,
Жакин гана кыялдарга байланат.

Алып учат, жаш кыялы эң күлүк,
Айтат минтип,—«Эрдигимди эл билип,
Окуу менен жасап укмуш машина,
Тоо жаңыртып, завод курсам эң бийик.»

Окуу, билим ушул гана көңүлдө,
Кыйындыктан канат жасап өмүргө,
Ашып өтөт, аска тоону белести,
Ойго батып, илим, эмгек жөнүндө.

Жаңы көйнөк, жаңы форма жаңы шым,
Жаңы сумка, китеп, кагаз баарысын,—
Элестетет улам ойлоп кубанат,
Китеп менен досундай сыр алышын.

Неге мынча Айдын нуру аймалап,
Жакин толкуп кыялдарга байланат.
Анткен сыры — өмүрүндө биринчи,
Билим берген мектебине ал барат.

## НАМЫС

Булуттар күндү чүмкөп койсо дагы,
Жырткычтар күчкө бекем толсо дагы
Намыс деп кыргыз сүрдүү жашап келген,
Колунан укмуштарды жасап келген.
Басынбай кайрат чыңап, керек болсо,
Манасы баатыр чыгып азат берген.

Ошентип кылымдарды аралаган,
Жол кезип, жер дүйнөнү сабалаган.
Намыс деп өмүр кыйып майдандарда
Кааласа кан жүрөгүн жаралаган.

Керекте төбө менен асман тиреп,
Кыргыздар баатыр өскөн, балбан билек.
Жадесе чырпык канат баласынын,
Намысы жүрөгүндө кайнап жүрөт.

# МАХАББАТ ТАМЧЫЛАРЫ

## ЫРЫМ БОЛДУҢ ЖҮРӨКТӨГҮ

Толсо да өмүр суусу, мүрөк көлү,
Сунса да колун Жердин чүрөктөрү.
А бирок алар сага окшобогон,
Бүтпөс ыр, күүм болдуң жүрөктөгү.

Жактырам жал-жал карап басканыңды,
Ойлоймун көктөм ыры, жаздарымбы?!
Көзүмө бакыт таңы бал-бал этип,
Көрөмүн жаңы дүйнө ачканыңды.

Бар окшоп менде ырлар айтылбаган,
Бар окшоп сенде күүлөр тартылбаган.
Негедир сени көрсөм, жылмайышың,
Жолума күн элесин тартуулаган.

Толсо да өмүр суусу, мүрөк көлү,
Сунса да колун Жердин чүрөктөрү.
А бирок алар сага окшобогон,
Бүтпөс ыр, күүм болдуң жүрөктөгү.

## САГЫНЫЧ САПТАРЫ

Сени ойлоп сезим от болот,
Саргайып өчүп сабагым.

Сагыныч мени ноктолоп
Сан күндөр жолуң карадым.

Чыгарбай сүйкүм элесиң
Чыдадым далай күн күтүп,
Жүрөккө үрөн себесиң,
Жүрөгүм менен бир бүтүп.

Сен болуп суусун булагым,
Кымыздай толкуп көбүрөт.
Болсо да кенен турагым,
Өзүң жок тардай көрүнөт.

Сагыныч сырын куруугa,
Мөңгү окшоп тоодон агылдым.
Көкүрөк толуп күү, ырга,
Сагындым сени, сагындым!

## КЫЯЛБАЙ ТУРАМЫН

*(Кыз сүйүүсү)*

Сүйөм деп каттын жаздың нечендерин,
Катыңда сөздүн гүлү, чечен кебиң.
Серпилип тоо чокуга канаттарым,
Сен үчүн сел дайраны кечем дедиң.
Үзүлбөй үмүтүм,
Кыялбай турамын.
Кайырма: Сүттөн ак жаркыган,
Сүйүүңдү туямын.

Жиберип кашын каккан жеңекеңди,
Көп ирет жуучу кылдың энекеңди.

Сынайын сүйүп калдым мен да сени,
Көрсөтчү жок дегенде көлөкөңдү.
Үзүлбөй үмүтүм,
Кыялбай турамын.
Кайырмасы:
Ойлогон күнү-түн,
Сүйүүңдү туямын.

## САГА

Айтчы жаным, айтчы сүйүүң батыраак,
Буккан сырым фонтан болуп атылат.
Өзүм москоол, кыял басмырт болсо да,
Сен деп дайым жанып кетем чачырап.

Бал-бал этип күн элестеп маңдайың,
Байкап билгем ичте сырың кандайын,
Сүйкүмдөнүп бала кезден тымызын,
Сүйүү отуң жанып келди ар дайым.

Ошол отуң мени бекем ноктолоп,
Чексиз алыс өмүр жолго октолот.
Жигиттик кез күнгө канат сабалап,
Жүрөгүмдө жарык чачар ток болот.

Жаштык кайрат байлык кенин аңтарат,
Эмгек жүгүн өз жонуна аркалап.
Ошол кубат, ошол сүйүү, ошол күч,
Жаз күнүндөй жашыл өңүн кайталап.

Сен узатып барчын кушун талаанын,
Карап турдуң үзүлгөнчө караанын.
Жакшы тилек өмүр сыйың артылып,
Жаным дайым жанып турсун кабагың.

## КӨЗ ДЕМИНЕН

Шыңгырап тоонун булагы,
Күүлөрүн азем бурады.
Табийгат десем кубулган,
Тартылды кыздын кыялы.

Албырган эндик жүзүнөн,
Жаштык от, аны түшүнөм.
Кыйласын жердин кыдырам,
Кыз деми берген күчүнөн...

Турмушта жолу түз, кенен,
Чардакча толкун издеген.
Кылымдар айтар кеп кылып,
Кыялкеч тура кыз деген.

Канаттуу деми кайдагы,
Кайыгын көлдүн айдады.
Ойноктоп сүйүү көздөрү
Оюмдун жибин байлады.

Карлыгач канат жаштары,
Сүйүүмө чокту таштады.
Эр жигит эмес, айылдын
Эриди жаткан таштары.

## ДЕГДЕДИМ

*(Обон үчүн)*

Ой, карагөз, сырдашым,
Өмүрдөгү кыйбасым.
Дайра болуп агылдым,
Гүл бакчаңа бур бачым.

Жүрсөм дагы жанында,
Сагынычым артылып,
Батып кетем жалынга.

Канат байлап оюңа,
Жылдыз чачып жолуңа.
Мөлтүр бышкан жемиштей,
Төгүлөйүн колуңа.

Айтчы, кана, ардагым,
Билип өзүң сезимде,
Терең сүйүү калганын.

Болдум сага көпүрө,
Сүйүү көлдөн өтүүгө,
Асмандагы калкыган,
Ай, Чолпонго жетүүгө,

Тирек, жаркын эрмегим,
Тилектештей сен жакка,
Тизгин тартып дегдедим.

## СЕНИН КЕБИҢ

*(Казак кызы Рабигага)*

Соң-Көлдү сулуу дедиң күлүмсүрөп,
Суусуна колуң малып, жүзүң чайып,
Көрүндүң бирок мага өзүң чүрөк,
Махабат экөөбүзгө торун жайып.

Соң-Көлдү тунук дедиң мактоо менен,
Суусуна күзгү сымак жүзүң карап.
О, чиркин өзүң сулуу тунук белең,
Жактырып жаш жүрөгүм уюп барат.

Соң-Көлдү терең дедиң, көрктүү дедиң.
Кеп кылып асманга учкан ак кууларын.

О сулуум, ирмебечи кирпиктериң,
Мен дагы терeңдикти жактырамын.

Турмушта тунук, терең сулуу болуп,
Өмүрлөр өтсө дедиң урмат менен.
Кымбаттуум, кыялыңа көңүл толуп,
Кебиңди уккан сайын жыргап келем.

## БАКЫТЫМ СЕН БАГБАН КЫЗ

Тамашаң ай, алма менен ургулап,
Көөдөн эргип көзүң сүйүү кылгырат.
Көрүп сени, көңүл сүттөй тазарып,
Көркөм кеч да көшөгөсүн жылдырат.

Таалайымсың, ардагымсың багбан кыз,
Дайын болуп даңкы ташты жарган кыз.
Таңкы нурдай талаа бетин сулуулап,
Сезим отун эчак ээлеп алган кыз.

Айылымдын аппак гүлү, бактысы,
Айылымдын ырчы кызы, ак кызы.
Кел берилейт сенин сүйкүм элесиң,
Ырын ырдап Ала-Тоонун шат кызы.

Татсам улам таттуу алма ширесин,
Элестетем элпек, сылык мүнөзүң.
Жылда келсем жыргал күүң ташкындап,
Жыпар чачып жылмайыңкы күлөсүң.

Тамашаң ай, алма менен ургулап,
Көөдөн эргип, көзүң сүйүү кылгырат.
Көрүп сени көңүл сүттөй тазарып,
Көркөм кеч да көшөгөсүн жылдырат.

## СЫРДАШАМЫН СЕН МЕНЕН

I

Үйдө мына, жашыл жибек от белен,
Тулпар миндик, зымда учуп ток менен.
Издейм сени, карайм сени сүйүүм деп,
Бир жылытчы, жүрөгүңдө от менен.

Кош дебечи, коюп мага сыныңды,
Коштойм күүдө сенин далай ырыңды.
Жүрөк дегдеп, самасам да канчалык,
Жүрөсүң сен, билбей сүйүү сырымды.

II

Кээде жылт деп, кээде жансыз көрүнбөй,
Мөл булактан киргил тартып бөлүнбөй.
Мага болгон өмүрдөгү бар сүйүүң,
Ак болсунчу Ала-Тоонун өңүндөй.

III

Кыярып жаздын кечтери,
Парталаш күндөр эстеби.
Анда сен жапжаш гүл элең,
Айлымда жалгыз күн элең!

IV

Жашоодо чындык да бар, төгүн да бар,
Өксүткөн өлүм да бар, өмүр да бар.
Күн болуп жарк деп чыгып сур булуттан,
Суктанткан сулуулугуң көңүлдө бар.

## ЖАШ ӨМҮРЛӨР

Көргөндө боюнда бар аялдарды,
Көрөмүн бөбөк шилтер кадамдарды.
Көрөмүн ак сүйүүнү күрөш отун,
Турмушту, баатыр өмүр, замандарды.
Курсактарда өсүп жайнаган,
Жаш өмүрлөр сенден айланам!

Көргөндө боюнда бар келиндерди,
Көрөмүн күлкү сырын жеримдеги.
Көрөмүн жаңы конуш ата салтын,
Жаңырган кыштак, талаа эгиндерди.
Келечектүү гүлдөй жайнаган
Жаш өмүрлөр сенден айланам!

## СЕНИН КӨЗ КАРАШЫҢ

Карай берчи күзгүң болуп берейин,
Күтсөң мына гүл үрөнүн себейин.
Желек болуп сүйүүң коштоп сен менен,
Жер кыйырын миң айланып келейин.

Жаным эркем, ак чынарым, бийигим,
Билбей турам кайда сенин түйүнүң.
Кан дүргүттүң, нур жайнатып алдыман,
Карашыңда канаты бар сүйүүнүн.

Жаз күнүмсүң жыты жыпар бураган.
Сезимиме сүйүү күчүн кураган.
Көл толкунун көк асмандай чалкытып,
Көз карашың көңүл жирин улаган.

Карай берчи күзгүң болуп берейин,
Күтсөң мына жаз үрөөнүн себейин.
Желек болуп сен отурган канатта,
Жер кыйырын миң айланып келейин.

## КАЙДА ШАШЫЛАТ

Бутакка булбул жашынып,
Кайың тал бизди жашырып,
Турган кез жаштык канаты
Баратат кайда шашылып?

# СҮЙГӨН ЖЕРИМ — СЕНИН ДЕМИҢ

## АЛТЫН-БУЛАГЫМ

Чоң атам жашап сүйгөн жер,
Чолпон нур жарык тийген жер.
Келтирип жасап ак боз үй,
Кереге, уук ийген жер.

Апалар киндик кескен жер,
Ак жолтой тууруң дешкен жер.
Бал татып ойноок күндөрүм,
Балгын кез мында өткөн жер.

Көп жердин көрдүм конушун,
Көп жердин көрдүм сорусун.
А бирок Алтын-Булагым,
Андан да өзүң сонунсуң!.

Алыска кетти дебе сен,
Азыр да сага кеңешем,
Супура жайган талааң бар,
Түшүмдүү, гүлдүү, берешен!

Айтарым сага ынагым —
Арымда, Алтын-Булагым.
Толкунуң көрүп сен өскөн,
Торгоюң болуп турамын.

## СОҢ-КӨЛ ЭЛЕСТЕРИ

### 1) Ыр саптары күндөрүң

Соң-Көлүмдүн туз-даамы,
Келди мени төргө айдап.
Жыты жыпар кыз наары,
Берекелүү кең аймак.

Кулун, тайы элирип,
Түздө чүрөк жарашкан.
Жал куйругу төгүлүп,
Үрксө көзүн кадашкан.

Кайсы үйүнө түшпөгүн,
Кымыз жыты бур этет.
Кыргый мүчө кыз-келин,
Сүйүү төгүп сүрдөтөт.

Жылга сайын ыр чыгып,
Жылкы желе керилген,
Бээ эмчеги тырсыйып,
Агат сүтү желинден.

Ар малчыда намыстуу,
Эрдик кыял кайдагы.
Мени дагы алыскы,
Ыр көлүнө айдады.

Эмне берем сыйлаган,
Ай, Соң-Көлүм, гүлдөрүм,
Жүрөк чиркин кыйбаган.
Ыр саптары күндөрүң.

**2) Өзүнчө бир симфония кагылат**

Мобул аскар мунарланган көк тиреп,
Сакчылардай уйкусу жок от жүрөк.
А береги атлас гүлдөр жайнаган,
Бур деп жыты кыз эринин өптүрөт.

Аккан булак аркар көздөр жайнаган,
Күүсүн чалып күр-күр этет сайда анан,
Токто досум, дагы айтайын угуп тур,
Толкун күүлөр тоодо болбой, кайда анан?

Тээ алыстан, желе тартып каркыра,
Ураалаган ырын таштап артына.
Соң-Көл жаткан сулуулукка көз түшүп,
Кайрылышат канат күүсү тартыла.

Табийгат ай, кээде үнсүз мелтиреп,
Кээде кылың жүрөктөрдө чертилет,
Келди мына кыз алкынтып буурулун,
Үкү топу, үнү назик, эрки бек.

Адашканбы, элик качып арылап,
Чыйырынан шагыл таштар агылат
Өмүр жашоо, төр тынчтыгын жаңыртып,
Өзүнчө бир симфония кагылат.

**3) Жетпей калдым**

Жыпар деген бир кызга,
Жолугуп көл боюнан,
Жорго салып алыска,
Мен келаттым соңунан.

Тизгин тартпай бир дагы,
Жорго сызган кезинде.
Токомдун күү ыргагы,
Ойноктоду сезимде.

Ызгыбайт чаң туяктан,
Соң-Көл түзү килемби?
Берметтерин кулаткан,
Жоргодо айтпа жигерди.

Жондор ыргак билинбейт,
Торгой сымак күү чалып,
Жыпар болсо күлүңдөйт,
Кубанычка курчалып.

Калып жердин далайы,
Куйрук улаш барарда.
Жыпар кыздын саамайы,
Дир-дир этет шамалга.

Улам артка кылчайып,
Карап койсо кусамын.
Ак жүзүнөн нур чайып,
Айтат: «жетип, узагын».

Текрең атып мингеним,
Бирок кыздан өтпөдүм.
Окшоп Жыпар сүйгөнүм.
Бирок жетип оппөдүм.

Улам жетем дей берип,
Үмүт чеги узарды.
Акыр жетпей мен келип,
Ак жүз оттой кызарды.

Ай, Соң-Көлдүн кыздары,
Атка чыйрак устабы?
Жомок белем, күү белем,
Жорго минип учканы.

#### 4) Дүкөнчү кыз Зулайка

Сүттөй жүзүң жап-жарык,
Пейли актыгын билгизген.
Жүрөктөргө чок салып,
Жигиттерди күйгүзгөн.

Ак чатырың, ак бөз үй,
Ардак, дүкөн эмгегиң,
Иш жөнүңдүн барктуусу ий,
Узап сыйлуу келгениң.

Тоолор болуп жүрөгүң,
Талбай келдиң көч менен,
Тоолуктарды сүрөдүң,
Жакшы пулуң, сөз менен.

Кыз-келинди жүгүртүп,
Кызыл-тазыл кийгиздиң,
Бөбөктөрдү сүйүнтүп,
«Машинесин» жүргүздүн.

Ак чатырда терезең,
Күнгөй жакты караган.
Уктап жатсаң кээде сен,
Дүпүлдөтүп чабаган:

— Кечирип кой Зулайка,
Келип калды коногум.

Тукабаңдан чубалта,
Сый кылууга орогун.

Дүкөнчү кыз, сергек кыз
Кыйыктанбай турат да.
Шамын жагып түндө да,
Иш мезгилин улайт да.

Болсо дешет кээ бирөө,
Тоодо алма, дарыбыз,
Жообун даяр берүүгө,
«Баардыгы бар алыңыз»..!

Сатуучу деп сени айтсын,
Дүкөнүң бай иреттүү.
Сулуу чүрөк манатсың,
Малчыга ак ниеттүү.

Ай, Зулайка ынактай,
Кирпигиң нур ойногон.
Пейлиң таза булактай
Элдин камын ойлогон.

## КАНЧА ИРЕТ ТАШКЫНДАДЫҢ

Кээде мен кыял черин араласам,
Көлүмдүн толкунуна аралашам.
Акак таш, жээгиң толкуп көрөр белем,
Алыстан сагынч артып самабасам.

Соң-Көлдүн асманга учкан аккууларын,
Сезимде сулуу кыздай жактырамын.
Жел жүрсө, жеңди желпип Тулпар-Таштан,
Көрөмүн көл айдаган ак бууданын.

Айткансып арман ырды Болоттогу,
Ак сүйүү, Акмөөр изи колоттогу.
Айтчы дос, дегдеп мынча сүйөөр белем,
Ар кыл ыр, айтылбаса жомоктору?

Көл бетин булут чалса бүркөлөмүн,
Күн тийсе аккуу ойнотот чүрпөлөрүн.
Мен дагы жарпым жазып жагалдансам,
Соң-Көлүм эне мээрим—эркелерим.

Мөлт эттиң, тамчың күүдөн куралышып,
Үлпөт ыр, аскаларың үн алышып.
Селкинчек... жээгиң бакыт, таалай тапты
Сулуулар ойноп гүлдөй буралышып.

Канча ирет ташкындадың өмүрүңдө,
Жарк этип жаштык ойноп көбүгүңдө.
Кыз үндүү шыңгыр, тунук, мөлтүр сууңдай,
Тазалык уюп калды көңүлүмдө.

## ЖАЛАЛ-АБАД

Жылдызга төбө тиет тоосу бардын,
Тоолукмун, тоо койнуңа кошуп алдың.
Эшигиң кенен түрүп, Жалал-Абад,
Энемдей мээрим менен тосуп алдың.

Шамалың кыз жыт белем адырдагы,
Шаарыңдын өскөн эмгек адымдары.
Заводуң эрдик күүсүн чалып турса,
Фабрикаң... уз келин, кыз агымдары.

Кылымдар жаткан сазың, камыштарың,
Коштоду катар үйдүн дабыштарын.

Көрөмүн алды жакта кереметиң,
Көргөндө жомок бүткөн намыстарың.

Поездин кош сызыгын минип алып,
Аралайт кең койнуңду күлүк анык.
Мен дагы көркүң көрүп учкум келет,
Менсинген ак булутун минип алып.

Көз түшсө гүлдүү багың, жашылыңа,
Суктанып сендей жердин асылына.
Тартылып сезим күчүм сулуулукка,
Негедир кызганч карайм басыгыма.

Ал менин—сүйүүм сага ташып калган,
Ал менин—кином жүрөк жазып калган
Сагынып сага келсем ар жыл сайын,
Өмүрүм күч-кайратка азыктанган.

Жылдызга төбө тиет тоосу бардын,
Тоолукмун, тоо койнуңа кошуп алдың.
Эшигиң кенен түрүп, Жалал-Абад,
Энемдей мээрим менен тосуп алдың.

## КЫЗ-БУЛАК ЖӨНҮНДӨ

Алым кетип, өңүм чөптөй кубарып,
Көңүл айнып көзүм кээде тунарып.
Ажал мени арбап колун сунганда,
Алып кеттиң ак булутка чыгарып.
Ай, Кыз-Булак, Кыз-Булак,
Күн жайнаттың алдыман.
Мээнети күч эмгегиң,
Кантип кайра жандырам?

Денем ысып көл-шал кара тер кетип,
Канатымды катуу дартка серметип,
Келген кезде мээрим болуп Кыз-Булак,
Тосуп алдың толкун сууңа терметип.
Ай, Кыз-Булак, Кыз-Булак,
Ай чыгардың алдыман,
Ал—кубатым тоо болду,
Акың кантип жандырам?!

Үмүттөр көп анын жибин уладың,
Кыз мүнөздүү кылыгы артык булагым.
Муунум бошоп, жүлүн сыздап келди эле,
Берип койдуң жыйырма бештин курагын.
Ай, Кыз-Булак, Кыз-Булак,
Күн жайнаттың алдыман.
Мээнети күч эмгегиң,
Кантип кайра жандырам?!

## ЭРИЙМИН БОЛУП КОРГОШУН

*(Тууган жер жөнүндө)*

Төрөдүң толгоо миң тартып,
Алдыма бакыт күн тартып,
Арам ой ар кыл душмандан,
Аядың жаткан ташыңды,
Алдына көөдөй түн тартып.
Сууларың дары өмүргө,
Шамалың күүдөй көңүлгө.
Эмнедир артык бөлөнөм,
Аземдеп багып төрөгөн—
Апамдай алтын мээримге.

Ошол дем өзүң деп билем,
Өмүр жол мына өттү кең.
Баатырдык болуп заманым,
Бактылуу кылып адамын
Байлыгын чексиз төктү кең.
Көрсөм да Айдын тогорун,
Билсем да аппак болорун.
Жергеме артып ак көңүл,
Жебедей эргип шат көңүл,
Желбиреп желек боломун.

Башкалар мейли ойлосун,
Жүрөт деп мени тоңдоосун.
А бирок журтум дегенде,
Ак сүйүүм кетип тереңге,
Эриймин болуп коргошун.

## ЛЕНИНГРАД САПТАРЫНАН

### 1) «Стреллада» баратып...

Максат чеги бүтпөчүдөй алыста,
«Стрелла» сызат токой аралап...
Кез болобуз кээде саздуу камышка,
Кээде терек, кээде кайың, кара бак.

Токой... токой, жашыл токой арчалуу,
Жалбырагың желге ойноп жашынган.
Сырлар жатат, түбү терең канча ары,
Кандуу күндө далай эрди жашырган.

Койнуң кенен, пейлиң жарык мээримдүү,
Кечээ фашист кирип келген тебелей,
Айлантса да өрткө жыпар желиңди,
Сен чыдадың бутак ийбей кенедей.

Октор тийген кай бир жериң жаралуу,
Бүгүн бүткөн гүл тагынып кайрадан.
Шарт ачылып жолдун кыял барагы,
Кээде саздар, кээде чөөт жайнаган.

Өз тууганың калкаладың добулдан,
Кастарыңа каарың төгүп сүр менен.
Партизаның жүрсө чыйыр жолуңдан,
Фашисттериң түшкөн укмуш дүрбөлөң.

Токой-токой кенен достук кулачың,
Түп тамырың сүңгүп кеткен тереңге.
Көркүң менен көңүл сырын бурасың.
Ысык жалын ойноп жүрөк денемде!

«Стрелла» учкан сайын закымдап,
Ырдайт жүрөк ырсыз калуу жарайбы,
Жол кыскарып Ленинградга жакындап,
Жашыл токой эске салдың далайды.

**2) Ленин шаары**

Алыстан сени самап келдим жаңы,
Саламат турасыңбы Ленин шаары.
Жүлүндө, жүрөгүмдө ойноп кетти,
Сезимге бекем орноп Ленин шаңы.

Карасам асмандаган үйлөрүңдү,
Тапкансыйм ыр саптарын-сүйгөнүмдү.
Невский проспектиң элестетет,
Тунук жол туура өмүр сүрөрүмдү.

Ар көчөң эрдик жолуң сыймык көрөм,
Акылман жүргөн жер деп ыйык көрөм.

От жанып алгач ирет ушул жерден,
Адамзат сүйүү тапкан жүрөк денең.

Өткөндөн элес берип элге дайым,
Эр даңкы сага дайын, мага дайын.
Акылдын чынары өскөн Ленинград,
Ач койнуң, атай келдим аралайын!

### 3) «Нева-1» кемесинде

Кечээ келип Нева—энеге,
Кыздар менен түштүм кемеге,
Карап койсо каштар ойноктоп,
От дүргүтөт менин денеме.

Кары, жаш бар жүзү жайдары,
Нева—сүйүү, Нева—ардагы.
Түрмөктөлүп булут турду эле,
Чыгыш жели аны айдады.

Күн да күлдү дене жайылып,
Кирпиктери сууга малынып,
Жээктеги үйлөр, мунара,
Миң кубулат күнгө чагылып.

Чардак учат сууну тебишкен,
Чардак учат балык эңишкен.
Канаттарын тоссо толкунга,
Нева сулуу көркү келишкен.

Жаштык ырын ичтен кайырган,
Кыздар келет гүлдөн сайынган,
Агат Нева көздөп батышты,
Агымынан күлкү жаңырган.

Агымынан курчуп ойлорум,
Агымында мен да бойлодум.
Азат үнүн алгач чыгарган,
«Аврораны» көпкө ойлодум.

### 4) «Дельфинде»[1]

«Дельфин»!
Алдым дайра буусу төгүлгөн,
Артым дайра аккуу чөмүлгөн.
Олтурамын кубаныч ноктолоп,
Кере жутуп салкын желиңден.
Баратkансыйм улуу жеңишке,
«Дельфин» минип дайра деңизде.

Дельфин!
Сен жакынсың, доссуң, адамга,
Чыдамкайсың толкун, шамалга,
Кытыгылап тентек оюмду,
Ыр жаздырдың алган каламга.
«Дельфин, Дельфин» даамың
кетпеген,
Үлпөтүң ай, жыргал деп келем.

«Дельфин»!
Сезимдерге кубаныч толсун деп,
Өмүр узун, куунак болсун деп,
Сени курган баатыр жумушчу,
Бакыт боосу дайым болсун бек.
Дельфин минип дайра деңизде
Баратkансыйм улуу жеңишке!

---

[1] «Дельфинде» — Нева дарыясынын үстүндө орношкон ресторан

«Дельфин!»
Татып сенден берген даамыңды,
Алды жүрөк өчпөс жагымды.
Ысык-Көлдө сүзүп жүргөнсүп,
Ыйык элес көзгө чагылды.
Суусунуң ай, даамы кетпеген,
Дагы келем, дагы көп келем.

**5) Буурул түнүң эстен кетпеди**

Буурул түндүн касиети ушулбу,
Күүгүмдөнөт бирок жарык айлана.
Көөдөй түндүн көшөгөсү көрүнбөйт,
Кана, досум, көктө сүзгөн Ай гана?

Ленинград, Ленинград,
Салкын болуп жайдын кечтери.
Сылап желиң кундуз чачымдан,
Буурул түнүң эстен кетпеди.

Нева жээги мен сейилдеп баратам,
Кайда кеткен жазда, кышта түндөрү,
Ильич ата жарык кылып жараткан,
Шоола чачып бульвар, паркы, гүлдөрү,

Ленинград, Ленинград,
Бийик добул, бакыт мектеби.
Мээрим төгүп жанга жагымдуу,
Буурул түнүң эстен кетпеди.

**6) Көрө калсам «Авроранын»**

Көрө калсам «Авроранын»,
Көрөм Айда желекти.

Көркү болгон адамзаттын
Көрөм чынар теректи.

Көрө калсам «Аврораны»,
Батпас күнүм таалайым,
Элестенип көз алдыма,
Жарк деп ырыс-паанайым,
Океандай тереңдикти,
Гималайдай бийиктикти,
Мен элиме каалаймын...

Көрө калсам «Аврораны»,
Угам Ильич сөздөрүн.
Эркиндик деп жалын чачкан,
Көрөм баатыр көздөрүн.

### 7) Понарама кинотеатрын көрүп...

Менин дагы суроо бериш акым бар,
Неге мынча тездикте өтөт закымдар?!
Бийигине чыныгы ырдын жетпейби,
Билип-көрүп толкундаса акындар.
Понарама, токтой турчу, бир азга,
Тоолорумду бир карайын жакындан.

Жолдор, жолдор учуп барам зымырап,
Токой, тоолор артта калат жыбырап.
Тээ алыста, асман челген чокуга,
Булут минет, булут чөгүп сыйынат.
Көңүл сезим көтөрүлүп бийикте,
Көз алдыма көркөм сайма урунат.

Аска боору... алдым терең капчыгай,
Зоолор жатат чепте бекем сакчыдай.

Укмуш белең, сулуу Кавказ сен дагы,
Улуу сырдан улуу ырды айтчыдай.
Сууларың ай, күзгү болуп төгүлүп,
Агат, ташыйт, эл ырысын тапчыдай.

Ал аңгыча жолдор жашыл керилген,
Орун алдым кыргыз сүйкүм жеримден.
Чолпон-Ата бак аралап баратам.
Асфальт жолум ак терекке чөмүлгөн.
Туш келемин, жытың бурайт алыстан,
Көк карагай, жашыл арча, көбүргөн.

Өмүр кенчи курорт тоодо, төрүмдө,
Сыр алыштым келечек күн жөнүндө.
Эзел көрбөс бейиш жерде баратам,
Түшүмбү?.. дейм бирок, кызык өңүмдө.
Өзүм алыс Москвада жүрсөм да,
Сүзүп барам чоң кайыкта, көлүмдө.

Таттуу кыял ойноп жүрөк—денемде,
Алып кетет тээ алыска, тереңге.
Бал тил торгой, ырдап аны, күүгө кош
Кино лента, акырында, чеберде.
Аккуу сымак сууга түштү сулуу кыз,
Ай сүрөтчү, кистиңди алып беленде!

Бир заматта аралашып баарына,
Келдим Вильнюс, келдим Рига жагына
Кесип өтүп, Кара деңиз, Каспийди,
Келип калдым чоң Москва шаарыма.
Экран бүтүп көргөн кино аяктап
Элдин келем толкуну күч шарында.

Менин дагы суроо бериш акым бар,
Неге мынча тездикте өтөт закымдар.
Бийигине чыныгы ырдын жетпейби
Билип-көрүп толкундаса акындар.
Понарама, токтой турчу бир азга,
Тоолорумду бир карайын жакындан!

## ОСТРОВСКИЙ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ТОЛГООЛОР

### 1. Келечекти саматасың

Сендеги сезим күүсү тунук белем,
Жыл өтсүн ажарыңды туюп келем.
Даңканын далай жердин кыйрын алып,
Азыр да дүбүртүңдү угуп келем.
Кыйын күндө жар бастың,
Кылыч алып кармаштың,
Түндүгүн эрктүү күндүн түрүп кенен.

Ошентип бакыт жолго аралаштың,
Ыр ырдап, сырын угуп санаалаштын.
Камчылап максат күтөр тулпарыңды,
Кастардын кан жүрөгүн жара бастың.
Таңда, түштө, кечинде,
Таалай турду эсиңде.
Жүрөгүң айтып: «Күчтү аябасмын!»

Көздөрүң азиз болуп калса дагы,
Көөдөндө кайгы отторуң жанса дагы.
Жылмайдың жеңип аны эмгек менен,
Сары оору сансыз торун жайса дагы.
Корчагин бүгүн биз менен
Каармандарча иштеген
Келечек... Келечеги канча дагы!
Тартылып Островский жан жүрөгүң,

Таалайың — энекеңе элжиредиң.
Бирок да андан ыйык, андан бийик,
Мекен! деп Кызыл Туудай желбиредиң.
Андайда карап турчубу
Болотуң укмуш курчуду.
Бооруна тагып таалай белгилерин.

Жан учу көрүнгөнсүп эбелекте,
Жатсаң да жан серектей керебетте.
ГЭС куруп, багын тигип, асманга учуп,
Айланды ар чыгармаң кереметке.
Ушакчы жолун оңдодуң,
Уурунун түзөп колдорун.
Туюнтуп турмуш жаза берелекте.

А бүгүн агым менен баратасың,
Бороондон бороондорду жаратасың.
Аз жашап, өмүрүңдүн татымы көп,
Ар жанды чагылгандай каратасың.
Болотуң жана бороонуң,
Өлбөстүн тартып обонун.
Келечек... келечекти саматасың!

**2) Островскийдин музей-үйүндөгү кызыл тууну көрүп...**

Сен кызыл туу, революция жалыны,
Тулку боюң эрдик канын сиңирген.
Көз алдымда келет толкун жарыгы,
Көп азамат өлүп кайра тирилген.

Ай, Корчагин, сен да мына келесиң,
Туу кучактап айтар далай иш менен,
Сергек, акыл, баатыр мүнөз элесиң,
Завод, Вузда, тоо, талаада биз менен.

Ушул тууга жүрөк сезим багынып,
Островский—Корчагиндер күрөшкөн.
Өрттөй жанып, өрөөн, тоодо тагылып,
Жеңиш бакыт, жеңиш күүсүн сүрөшкөн.

Сен кызыл туу өмүрлөрдүн жалыны,
Тулку боюң эрдик канын сиңирген.
Көз алдымда келет баатыр агымы,
Көп азамат өлүп кайра тирилген...

### 3) «Мерседес»

*(Жазуучу Островскийдин машинкасы жөнүндө)*

Сыр түйүп Корчагиндин жүрөгүнөн,
Учкул сөз жанып түрдүү түнөгүңөн.
Азиске жайнап турган карек болуп,
Үзбөдүң суу ташкындай күдөрүнөн.
«Мерседес», «Мерседес»,
Жазуучудан берчи элес.
Өчкөн жок ал өстүргөн гүл өңүнөн.

Жан сырын жазуучунун сен да төгүп,
Болотко болот коштуң кетпей чөгүп.
Ыргагың тегиз чыгып чык-чык эттиң,
Жүрөккө жашыл тарткан гүлдөр өнүп.
«Мерседес», «Мерседес»
Жазуучудан берчи элес.
Мен дагы ыр арнадым ыйык көрүп.

## «ЛИРИКА»

*(ВДНХдагы Шаков жылкы заводунан келген күлүк жөнүндө)*

Күлүк келет ызгып, чаңы алыстан,
Шамал жиреп колдо тизгин карышкан.
Көбүк чайнап, дир-дир этип жаныбар,
Башын чулгап, көл-шал терин агызган.
Ай, лирика, лирика!
Астына ат салбаган.
Жал-куйругуң жапырып,
Тентек шамал айдаган.

* * *

Жал-жулт этип от чагылып туяктан.
Дүбүрт укмуш тоо таштарын ураткан,
Капталына канат бүтө калгансып,
Күлүк келет күү ыргагын чубаткан.
Ай, лирика, лирика!
Ооздугун чайнаган,
Көздөп алыс мараны,
Көздөр оттой жайнаган.

Кандай укмуш асыл малдын тукуму,
Каалаганча карай бердим утуру.
Лириканын дүйнөсүнө чыксам ээ,
Пегас сымак минип алып ушуну
Ай, лирика, лирика!
Айды көктө жандаган.
Тулпар сының артылып,
Туягың таш аймаган.

## МЕН ЧОҢОЙГОН КӨЛКӨК ТОО

I

Бийиксиң түздө дүйнө мунарындай,
Жылдызың сансыз аалам чырагындай,
Сөйкөнүп муздуу чокуңа,
Жылытып нурдуу отуңа
Көлкөк тоо,
Сырдашындай көзүн кысат,
Көлкөк тоо,
Көйкөлүп кетем сени тиктеп
Сен десем каралдым тоо
Милдетим көп...
Мойнума өзүң сымак салмак жүктөп.

II

Жаш төккөн заман зарын көрүп келдиң,
Жаш төккөн азаптарга көнүп келдиң,
Көрдүм мен да сенде төрөлүп,
Бутагың бай жап-жаш көгөрүп,
Согуш мезгил сүрдүү турдуң,
Узун боюң жерге чөгөрүп
Бакыт тилеп элиңе,
Бакыт тилеп жериңе
Көрдүм дайым асман тиреп жатканың,
Элиң улап баатырдыктын салттарын.

III

Ырыс күткөн көлүң бар Көлкөк деген.
Өз нугуна жараша көпкөк терең.
Жүзүңдү көлдөн чагылтып,
Тулку боюң байлыктарга марытып
Найза чокуң жылдыздарга бүлөтүп

Бакыт тилеп адамга,
Бакыт тилеп заманга.
А сен болсоң жүрөгүм тоо—Көлкогүм,
Картайбастан кайра жашардың.
Булагыңдай тунук тазардың.

IV

Шумдук бороон, тентек шамалга,
Бийик чокуң, мизиң чыдады.
Бир кебелбей, аскаларың
Бийик обон ырын ырдады.
Гранитке бекиген туулардай
Гүлдөрүңдү көрчү боюн ыргады.
Жүрөгүм тоо,
Көлкөк тоо.
Каректерим кароодон тынбады.

V

Эмгегиң көп мендей баланда,
Аны билет жыргал заман да
Кучагыма келчи кубанып көтөрөйүн
Бакыт күнүн өзүңдөн өткөрөйүн.

## КӨК-ОЙ

Өмүрдө сүйүү шамдарын,
Өзүңдөн жарык кармадым.
Кумарын жазып азыр да,
Кужулдап ойнойт балдарым.
Көк-Оюм гүлдүү, Кок-Оюм,
Ырыска шерик эл-жериң
Ырдасам менде коп оюм.

Жыт бурап жашыл чөбүңдөн,
Бакытка балкып чөмүлгөм.
Аскаңдай кайрат-күч коштум,
Аттанып жайлоо төрүңдөн.
Көк-Оюм, сага Көк-Оюм,
Тилектеш жана жүрөктөш
Тирегиң-тооң болоюн.

Туура-суу, кендүү Кабагың,
Таш жарып эмгек дабаның.
Сен десем сергип көңүлүм,
Күн окшойт күлүп кабагым.
Көк-Оюм сүйгөн, Көк-Оюм,
Айтчы сен милдет ушул деп
Ак толкун көлүң болоюн.

# КАМЫРДАГЫ КЫЛДАР

## БОЛСО ДЕЙМ АДАМ ЖӨНӨКӨЙ

Көтөрүлөт көлдүн толкуну,
Көтөрүлөт деңиз толкуну,
Көтөрүлүп сүттөй булут да,
Көктө ойнотот күмүш чолпуну.
Табийгаттын ошол тартуусун,
Кандай сонун карап олтуруу...

Көтөрүлөт шумкар алыска,
Көзгө илинбей сүрдүү карааны,
Көтөрүлөт сепкен үрөндөр,
Көркко бөлөп чексиз талааны.

Кылым кыркып изин аралай,
Көтөрүлөт балгын, карагай.
Көркко толсо тоонун гүлдөрү,
Көтөрүлөт жыты тарабай.

Бирок достор!
Колуна алып калбыр өпкөнү,
Көзүнө илбей досту, өзгөнү.
Көөдөнүнө бүтүп сокурлук.
Көөдөн оюн, желге жулгузган,
Көтөрүлгөн кээ бир камгакты,

Көрбөсо экен көзүм турмуштан.
Таттуу болуп акыл, көмөкөй,
Болсо деймин адам жөнөкөй.

## ТУРСА ДЕЙМИН БИЛИНИП

Басып адам жаңы чыйыр из менен,
Билген жакшы өз кайратын, өз демин.
Бул турмушта көрүнбөсөң иш менен,
Анда сенин жалп деп оттой өчкөнүң.

Төштү кагып, мен деп алды мактанып,
Сук артканча мансап күчкө жүгүнүп,
Курбуң айтаар, эл эскерээр жакшы сөз,
Эмгегиңден турса деймин билинип.

## «АТЕИСТ» КУРБУМ

Курбум менин атеист,
Кудай жок деп тилдеди.
Бирок...
Күн күркүрөп, чагылган
Жаркылдаса түндөгү,
Кудайлаган келмесин
Сайрап жатты тилдери.

## ТАБАЛОО

Башыңа кыйын иш түшсө,
Батпаган Айың, Күн болдум.
Жүзүңдү курбум кубантып,
Жүрөкко жетер күү болдум.

Башыма кыйын иш түшсө,
Баркыма жетпей чет болдуң,
Ой, туугандар, ал акмак,
Ошондой болмок деп койдуң.

## ОШОЛ ДАГЫ СҮЙҮҮБҮ

Алган жары алгач күн,
Айдай сулуу көрүнүп.
Кирдеп ичи жигиттин
Кийин кетти бөлүнүп.

Ай, курбулар, досторум,
Кимде күнөө түйүнү.
От учкуну жанбаган,
Ошол дагы сүйүүбү?

## ЭШИМ

Эшим элге көп айтат,
Берешендик, марттыгын.
Бирок карыз сурасаң,
Бир тыйын жок үйдө деп,
Билгизет оо, кырааның,
Сарандыктын алптыгын.

## КИЙИН ГАНА БАЙКАДЫМ

Терек арбайган талга мактанды:
— Ой, ийй, кызык!
Эмнеге эле ийри-буйру, суук кебетең,

Бутактарың чар жайыт
Кабыгым гана кызгылт дебесең?
Анда тал мындай деди:
— Бирок чыйрактыгым жагынан
Менден аштым,— дебе сен.

* * *

Бир күнү теректин чоң бутагы,
Катуу шамал, кар салмагынан,
Арбайган талга сүйөнө жыгылды.
Оор жарат болсо керек,
Онтогон үнү угулду.
Анда тал теректин чачынан сылап,
Боло калды досундай ынак.
(Максаты таза аппак кардай)
Баягы терек шылдыңын эсине албай.

Сынган бутагын теректин,
Дарылап, байлап, бөпөлөп бакты.
Акыры ак терек айыгып,
Суйсалган сулуудай кашын какты.
Бирок баягы адаты башталып

Уусу толгон, ушагын айтты.
Бул жоругу талдын жанына катуу батты.
Акыры ал мындайча тил катты:
— Ой, билем, ак терек,
Узундук жагынан устасың.
Ойлочумун: ушул гана күйөрүм,
Ушул гана туздашым.

Бирок кийин гана байкадым,
Боюң узун, түз болгону менен
Оюңдун ача, акылыңдын кыскасын.

* * *

Кымбаттуу окуучум?!
Эмнени айтмакмын, демек, мен
Жыйынтык чыгарып көрчү теректен.

## АТА АРДАНЫП, ЭНЕ КЕЙИЙТ

Уул, кызы окуп борбордон,
Бир жан болду сомдолгон.
Кызынан келген кат мына:
«Апа, ата!
Күрөң уйду тезинен саткыла,
Кар каптап жерди,
Кыш кирип келди
Кундуз жакалуу пальто керек.
Биз эмне...
Серкебайдын балдарынан кем белек.
Шиш така дегенди
Аябай жактырып калдым.
А да керек.
Айылдан издегиле
Табылып калар менин бактыма».

Уулунан келген кат мына:
«Акча саласыңарбы, же жокпу?
Ачыгын айткыла
Болбосо жумушчу болуп,
Ташкенге кетип калам,
Там салышып, акча табам.
Түшүнбөйт окшойсуңар силер,
Өгүнкү жиберген сексениңер
Карыздан чыкпай калды.
Же ачка өлтүрөсүңөрбү

Жедирип жатып кара нанды?..»
Ата-эне деген кыйын да
Карайт беле акча, тыйынга,
Жөнөтүштү каражат, посылка,
Балдарына түтпөй чынында.

Айлар сызып, күндөр өттү көп,
Уул, кыз каникулга келди.
Сагынычын жазды ата-эне да,
Балдарын өпкүлөп.
Мына,
Бир кезде ата уулу менен кеңешти,
Билимге талпынса максаттуу,
Жакшы кеп угайын дейт эмеспи,
— Кана, балам, коё берипсиң мурут, сакалды,
Жигит болуп калганың кубандырды,
Апаң менен атаңды,
Бул сөзгө уулу көтөрүлүп,
Дене боюна ысык толкун урунду
Терин аарчып тартып коюп мурунду,
Бирок, Кеңешбек,
Сүйлөй албай такалды.
Анткени, экзамендден кулап калган,
Жолдошторунан болбой жардам.

Эми окуудан, же эмгектен жок,
Көчө таптап,
Сакалчан жигит аталды,
Сылан короздугу ушунда
Эки бетин боёп коюптур кызылга.
Чий калпак кийип алыптыр,
Чилденин тушунда.
Атасы минтип кейиди уулуна:

— Көнбөдүң, балам кантейин,
Турмуштун ысык, суугуна.

Мына, кызык,
Айталычы алдын сызып,
Кызынын кебетеси баягы эмес,
Көзүн көгөртө боёптур,
Кирпиктерин бузуп,
Анда энеси кейиди кызына,
Жүрөгүнөн арман сызыла:
— Ээ, айланайын, жүргөн жакшы го,
Жөнөкөй, таза,
Жаратылыш берген өң менен,
Мен силерди алдейлеп, кызыл этимден,
Адам болсун деп дегдегем.
Топоздун куйругундай эле былтыр
чачтарың.
Качантан бери кестирип таштадың?
Сүлк, сүлк этип,
Бузулуптур сыпаа басканың.
Тырмактарыңан боюм дүркүрөйт,
Боёлгон кызарып
Бүркүттүкүндөй жалаңдап узарып,
Кокус камыр жуурусаң,
Картөшкө аарчып, кийимдериңди жуусаң,
Эпкелбейт го, манжаларың
Кишендей тушалып.
Олда, тагдыр ай!
Ойлочу элем силерди,
Ушулар деп гүлдүү дарагым,
Эми элдин бетин кантип карадым.

## ЧИЙМЕКАШ

Чиймекаш өзү жайдары,
Ага көзүң түшөөр менен,
Кыялданып сүйлөсө,
Кетирип салат арганы.
Бирок ички мазмуну башка,
«Сырты жалтырак,
Ичи калтырак».

Эми тазалык жагын айталы,
Үйүнө кире калсаң,
Идиш-аяктарга,
Аралашып жатат байпагы,
Гардеробдун үстүндө сынган
Чаңга батып,
Ысыкта киер,
Жарганат канат
Мексиканский калпагы.

Жок өңдөнүп сулуулук болжолу,
Күзгүгө барат күндө он жолу,
«Фигурам бузулуп калат»— деп кайгырат
Оор нерсеге тийсе,
Оң колу, же сол колу.

Турмушта сонун, кооз жашаган деп,
Элден бөтөнчө жасанам деп
Тагынып алып, жаз айында,
Чүкөдөй болгон коңуз сөйкөнү.
Калбырчак тарткан кулагын,
Карт жара кылып өйкөдү.
Жадаганда алып таштады,
Жактырбай аны,

Тагынаармын деп башканы.
Алып келсе күйөөсү үйүнө,
Ак нан жок, кара бөлкөнү,
Ит да жебейт муну деп,
Айгай салып кыйкырат
Эстен чыгып өткөнү.
«Иштебей үйдө олтурам,
Ой, эси жок,
Кыдыртпайсың ардактап дейт,
Бүткүл элди,
Бүткүл өлкөнү».

Бир күнү кара тушту тапты да,
Табийгат бербесе да бактыга,
Өттү деп сулуулук азабы,
Бетине буудайдай меңди жасады.
Кээде ыр ырдап,
Сармерден саптары,
Олдоксон угулат:
«Бетим аппак молоко,
Көп кетебиз конокко»...
. . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . .

Бир күнү сасык тумоолоп калып,
Чолок-чолок жөтөлөт,
Күйөөсүнүн тынчын кетирип,
Нервин алып:
«Мени оорутпайт элең,
Чын барктасаң күйүп-жанып».
Ошентип ал кыял көрсөтүп,
Күмүш боор балыктай туйлады,
Профессорду үйгө чакырбайсыңар — деп
Үй-бүлөсүн кыйнады.

Ата-энесине кабар билдирип,
Алыста турган,
Аяш-досун
Эже-сиңдисин,
Өкүл бала, өкүл кызын жыйнады.
Алардын көзүнчө
Куландан соо болуп кетти да,
Амандыгым билип турбайсыңар деп,
Солк-солк этип ыйлады.

Ооба, Чиймекаш,
Бүгүн келип, кыял табыңа,
Туугандарың келди жаныңа.
Алардын көзүнчө айтайын,
Эсиңди жый
Эркелигиң тый
Бак-дөөлөтүң башта барында.

## КАРЫЯ АТАНЫН АРМАНЫ

Эки уулум эки шактагы,
Эрке куш эле таптагы.
Айылга батып иштебей,
Аягы көчө таптады.
Сырымды айтсам жүйөөлү,
Сылык түз кылбай бирөөнү
Адепсиз орой өстүргөн.
Ата-эне биз да күнөөлүү.

Алыска тарап атагым,
Алты аял алды Шапагым,
Ай, жылга жетпей кетирип,
Арылтпас болду чатагын.
Көпкөнүн качан коёт деп,
Көөдөнгө кайгы толот көп,

Кейиймин көзүм жумулса,
Кемпирим эмне болот деп.

Араккеч болуп Асаным,
Анын да тарттым азабын.
Кыйноого салды бүлөсүн,
Кыйрата тээп казанын.
Өзгөртүп, өзөн жылгасын,
Өттү го далай жыл бачым.
Эстебейт сылап баккан деп,
Энесин, ата кыйбасын.

Ыпылас ишти кайдагы
Үйрөнүп анын балдары
Кейишке салат деп корком,
Кетирип кийин арганы.

Кимдерден ырыс огошот,
Карызга алса тогошот.
Каралаш ата бизге деп,
Карысам деле тоношот.

* * *

Тайкы акыл чыгып балдарым,
Ташкындап барат арманым.
Күйүткө салды карачы,
Күйгүзүп чалдын бармагын.

## КЭЭ БИРӨӨЛӨР

### I

Кээ бирөөлөр конок келсе сүйүнөт,
— Ай туугандар, болбосо да, бүгүн эт —
Чай ичкиле, майдан ал—деп жаркылдап,

Бар тамагын коюп мейман астына,
Пейлин салып, далбас уруп жүгүнөт,
Боюң балкып, жыргап сезим ошондо,
Жүрөк чиркин алкыш айтат миң ирет.

II

Кээ бирөөлөр конок келсе дүбүрөп,
Коюн соёт, бирок ичтен күбүрөп,—
Берекесин бууп кара жип менен,
Ай ушулар тынчтыкты алып ийди деп,
Пейли тарып, муздак терин сүрүнөт.
Этинен жеп, ууртасаң да сорпосун,
Өтпөйт нары, тамагыңа түйүлөт.

## ЧЫН ДОС БОЛСО...

Чын дос болсо, көзүң жокто мактаса,
Көө сыйпабай, жалган ушак айтпаса,
Эгер айтса, жалган жерден жамандап,
Андайлардын тилин сууруп таштаса.

## МАЗМУНУ


Менин көчөм . . . . . . . . 3
Ленин сыйы . . . . . . . . 4
Билип койгун, аалам, журт . . . . 5
Океан, табигат баш ийди . . . . 5
Багынбадым . . . . . . . . . 6
Өсүп турат . . . . . . . . . 7
Күүлөрүн угуп жатасың . . . . . 8
Таинский багында . . . . . . . 9
Чындыгын айтсам . . . . . . . 10
Бүт дүйнөгө төктү бакыт берметин . . 11
Октябрь менен сүйлөшүү . . . . . 13
Гүлдөр... Гүлдөр... . . . . . . . 14
Нөшөр жөнүндө саптар . . . . . . 15
1. Кербен жүгүн тартамын . . 15
2. Алгач мага ык салып... . . 15
3. Тоо тиреген даным бар . . 15
4. Өрнөк болуп өтсө дейм . . 16
Чабалекей жана мен . . . . . . 16
Ак кайыңга . . . . . . . . . 18
Жаздай гүлдөп келебиз . . . . . . 18
Жоокер агайым жөнүндө баллада . . 19
Өмүр күүсү . . . . . . . . . 21
Кыял . . . . . . . . . . 21
Күтүп турат . . . . . . . . 22
Чагылган жөнүндө ойлор: . . . . . 22
1. Булак болуп агылган . . 22
2. Өчпөсө экен жаштыгым . . 23
3. Сенден күчтүү . . . . . 23
4. Мендеги тилек . . . . . 23
5. Куйкаласа . . . . . . 24
Күлүп турду асманым . . . . . . 25
Кайыгым айдадым . . . . . . . 26
Мага берчи . . . . . . . . . 27
Милдеттер көп . . . . . . . . 28
Талаалар . . . . . . . . . 28
Табийгаттан бир элес . . . . . . 29
Чабытың максатсыз дедирбе . . . 30
Багбандын ыры . . . . . . . . 31
Күүлөрүң черт . . . . . . . . 31
Курулушчу кызга . . . . . . . 32

Изденүү . . . . . . . . . . 33
Бир ууч топурак . . . . . . 34
Ак жол издөө . . . . . . . 35
Бооруңда отуң болуп дүрүлдөйүн . . 36
Ала келдим . . . . . . . . 37
Артып турат сагынуулар . . . . 38
Демдене түшөм . . . . . . . 39
Досум ырым . . . . . . . 41
Жарык болсо экен . . . . . . 41
Өмүр сапары . . . . . . . 42
Өлбөс өмүр үрөндөрүн себейин . . . 44
Адамзат сага кайрылам . . . . . 44
Чынар . . . . . . . . . . 45
Болсом дейм . . . . . . . 46
Жаштык . . . . . . . . . 47
Бир элес . . . . . . . . . 47
Жүрөгүмө төктүң сүйүү жаздарын . . 48
Асылым ойду бурасың . . . . . 49
Өмүргө . . . . . . . . . . 50
Жаштык жөнүндө тилек . . . . 51
Мезгил мага . . . . . . . . 51
Убадам . . . . . . . . . . 52
Жол — өмүрлөр . . . . . . . 52
Мугалим жөнүндө ода . . . . . 53
Пушкиндин эстелигине . . . . . 54
Аял . . . . . . . . . . . 55
Көздөгүн максат түпкүрүн . . . . 55
Өмүрүндө биринчи . . . . . . 56
Намыс . . . . . . . . . . 57
Ырым болдуң жүрөктөгү . . . . 58
Сагыныч саптары . . . . . . 58
Кыялбай турамын . . . . . . 59
Сага . . . . . . . . . . . 60
Тунгуч махаббатым . . . . . . 61
Кыроо жамынат . . . . . . . 62
Анда мен . . . . . . . . . 62
Кыз деминен . . . . . . . . 63
Дегдедим . . . . . . . . . 63
Сенин кебиң . . . . . . . . 64
Бакытым сен багбан кыз . . . . 65
Сырдашамын сен менен . . . . . 66
Жаш өмүрлөр . . . . . . . . 67

Сенин көз карашың . . . . . . . 67
Кайда шашылат . . . . . . . . 68
Алтын-Булагым . . . . . . . . 69
Соң-Көл элестери . . . . . . . 70
1) Ыр саптары күндөрүң . . 70
2) Өзүнчө бир симфония кагылат 71
3) Жетпей калдым . . . . 71
4) Дүкөнчү кыз Зулайка . . 73
5) Канча ирет ташкындадың . 74
Жалал-Абад . . . . . . . . . . 75
Кыз-Булак жөнүндө . . . . . . 76
Эриймин болуп коргошун . . . 77
Ленинград саптарынан . . . . . . 78
1) «Стреллада» баратып... . . 78
2) Ленин шаары . . . . . 79
3) «Нева-I» кемесинде . . . 80
4) «Дельфинде» . . . . . 81
5) Буурул түнүң эстен кетпеди 82
6) Көрө калсам Авроранын . . 82
7) Понарама кинотеатрын көрүп 83
Островский жөнүндө ой толгоолор . . 85
1) Келечекти саматасың . . 85
2) Островскийдин музей-үйүндө-
гү кызыл тууну көрүп... . 86
3) «Мерседес» . . . . . . 87
4) «Лирика» . . . . . . . 88
Мен чоңойгон көлкөк тоо . . . . . 89
Көк-Ой . . . . . . . . . . . 90
Болсо деймин адам жөнөкөй . . . . 92
Турса деймин билинип . . . . . . 99
«Атеист» курбум . . . . . . . 93
Табалоо . . . . . . . . . . 93
Ошол дагы сүйүүбү . . . . . 94
Эшим . . . . . . . . . . . 94
Кийин гана байкадым . . . . . . 94
Ата арданып, эне кейийт . . . . . 96
Чиймекаш . . . . . . . . . . 99
Карыя атанын арманы . . . . . . 101
Кээ бирөөлөр... . . . . . . . . 102
Чын дос болсо . . . . . . . . 103

*Исабек Исаков*

ДОРОГА ЖИЗНИ

(Стихи)

*(на киргизском языке)*

Редактор Т. А р ы к о в
Хид. ред. К. С е й т а л и е в
Тех. ред. А. Б а й б о р и е в
Корректор Д. А к к о з и н а